8. **Буренкова, С.В.** Традиционное и новое в идеографической лексикографии (на примере русских и немецких словарей) [Текст] / С.В.Буренкова // Вестник. Серия: Гуманитарные науки. –Тамбов: ТГУ, 2008. - № 8 (64). - С. 167-174.
9. **Морковкин, В.В.** Идеографические словари [Текст] / В.В. Морковкин. - М.: Моск. ун-та, 1970. - 71 с.
10. **Закирова, Е.С.** Терминография как результат формирования языка для специальных целей [Текст] / Е.С.Закирова // Известия .- М.: МАМИ, 2013. - Т. 2. - № 4. - С. 267-274.
11. **Жусупова, Д.** Обучение орфографии трудных слов на уроках английского языка [Текст] / Д. Жусупова // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2010.- №1.- С.12-14.
12. **Абдивалиева, Г.А.** Профессиональная лексика через нетрадиционные методы обучения [Текст] / Г.А. Абдивалиева // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2017. - №2. - С. 61-66.


DOI:10.54834/16945220_2022_2_109

Поступила в редакцию 03. 03. 2022 г.

**УДК:811.512.154**

***Бообекова К.С.***

*ст. преп. Кыргызско-Турецкого универ. Манас, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЛАКАПТАРДЫН МАКАЛДАРДАН АЙЫРМАСЫ

*Изилдөөнүн предмети болуп Кыргыз тилиндеги лакаптардын түрлөрү саналат. Изилдөөнүн максаты – лакаптардагы тилдик өзгөчөлүктөрдү белгилөө жана алардын элдин маданий тилдик байлыгына кошкон салымын аныктоо менен бирге, берген маанисине, айтылыш жана түзүлүш өзгөчөлүгүнө, келип чыгуу булагына карата классификациялоо. Макал-лакаптар боюнча изилдөөлөр көбүнчө фольклор, фразеология, адабият таануу илимдеринин алкагында жүргүзүлүп, макал-лакаптардын табиятындагы өзгөчөлүктөр, айырмачылыктар тил илиминде толук таанытылып, изилденип бүтө элек, так аныктамаларды ала элек. Бул эмгекте лакаптардын өзгөчөлүктөрү макалдардан бөлүнүп, келип чыгуу булагы, себеби, жаралуу доору, кайсыл мүчөлөр аркылуу уюштурулуу формалары ар тараптуу каралып, классификацияларга бөлүндү. Лакаптар жалпысынан үч чоң топко бөлүнүп берилгени менен, натыйжада 22 түрдүү уюштурулуу формасы жана 31 түрдүү айтылыш өзгөчөлүгү болгону аныкталды. Эмгек кыргыз тилинде лакаптарды мындан ары дагы тереңдетип изилдөөгө жол ачат деген үмүт бар.*

***Негизги сөздөр:*** *макал-лакап; лакап; айырма; структура; лакапты уюштуруу формалары; сөздүн мүчөлөрү; классификация.*

## РАЗНИЦЫ ПОСЛОВИЦ И ПОГОВОРОК В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*Предметом исследования являются типы поговорок в кыргызском языке. Цель исследования - выявление языковых особенностей поговорок и определение их вклад в культурно-языкового наследие народа, а также их классификация по значению, структуре, специфику и использованию в речи, источнику происхождения. Исследования пословиц и поговорок ведутся в основном в области фольклора, фразеологии, литературоведении. Однако, особенности различия и разнообразие пословиц и поговорок полностью не изучены и не получили достаточных и точных определений в языкознании. В работе даны определения поговоркам раздельно от пословиц, а также изучены источники происхождения поговорок, эпохи создания, формы образования поговорок и разделены на классификации. Поговорки в целом рассмотрены в трех основных группах, в результате было выявлено 22 различие и 31 формы употребления их в речи. Есть надежда что работа будет источником для дальнейшего углубленного изучения поговорок в кыргызском языке.*

***Ключевые слова:*** *пословицы; поговорки; отличия; структура; формы организации поговорок; окончание; классификация.*

## THE DIFFERENCE BETWEEN PROVERBS AND PHRASES IN THE KYRGYZ LANGUAGE

*The subject of research is the types of sayings phrases in the Kyrgyz language. The aim of the study is to identify the linguistic features of sayings and determine their contribution to the cultural and linguistic heritage of the people, as well as their classification according to their meaning, structure, specificity and use in speech, source of origin. Research on proverbs and sayings is still being conducted out mainly in the field of folklore, phraseology and literary criticism. However, the features of the difference and diversity and nature of proverbs and sayings have not been fully studied and understood, they have not received a sufficient and clear definitions in linguistics. In this paper given the definitions of sayings separately from proverbs, the sources of the origin of sayings, the epoch of creation, forms of construction of sayings and are divided into classifications. Sayings as a whole are considered in three main groups, as a result, 22 differences and 31 forms of their use in speech were identified. It is hoped that the work will be a source for further in-depth study of sayings in the Kyrgyz language.*

***Key words:*** *proverbs, sayings, differences, structure; forms of construction of sayings; the ending; classification;*

**Киришүү.** Кыргыз тилиндеги лакаптар макалдардан бөлүнүп, азыркыга чейин өз алдынча классификацияланып терең изилденбей, канчалаган эмгектерде, илимий чыгармаларда лакаптар өзүнчө жанр же тилдик бөлүк катары бөлүнүп каралбай «макал-лакаптар» деп алар кош сөз сыяктуу, ажыратылбай, бирдикте каралып келет. Ушул абал лакаптардын түзүлүшү, айтылышы, жаралуу себеби, келип чыгуу булагы, айрым учурларда аны айткан ээси, айтылуу доору, колдонулган аймагы, абалды таамай сүрөттөөгө кошкон салымы, тилдеги орду, түрдүүлүгү лакаптарды макалдардан бөлүп кароо боюнча изилдөө жасоого түркү болду.

Макал-лакаптар шарттуу түрдө фольклордук жанр катары эсептелсе да, аталган тармактын башка жанрларынан маани-мазмуну жагынан өзгөчөлөнүп турат. Алар бир улуттун көпчүлүк өкүлдөрү тарабынан аң-сезимде эч өзгөрүүсүз бири-бирин кайталаган клишелер түрүндө сакталып, турмуштук тажрыйбанын үлгүсү иретинде кепте даяр тексттик формада колдонулат. Макал-лакаптарды текстология жагынан алып караганда, алардын узун же кыска экендигине карабастан, ар биринин бүткөн бир жалпы ойду чагылдырып, коммуникативдик функциясынын болушу менен шартталат. Макал-лакаптардын текст түзүүчү, ойду кеңейтүүчү, тилдик аң-сезимди өстүрүүчү касиети бар [10]. Г.Л.Пермяков макал-лакаптарды жалгыз гана текст катары эсептебестен, бир эле учурда тилдик белги катары да берген. Тагыраагы, ал макал-лакаптарды тилдик белгисине жараша лингвистикага, тексттик мүнөзүнө жараша фольклорго кошуп карап, бул белгилердин негизинде паремиология деп аталуучу тилдин жаңы багытынын, деңгээлинин бардыгы тууралуу жазат [8]. Азыркы учурда паремиология түздөнтүз макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү, табышмактарды ж.б. калктын салттык, маданий бай тажрыйбасынан келип чыгуучу оозеки чыгармачылыктын элементтерин изилдөөнү көздөгөн

тилдин жаңы тармагы катары калыптанууда. Г.Л.Пермяков паремиология илиминин алкагында макал-лакаптардын үчилтик табиятына токтолот: 1. Макал-лакаптар - тилдик кубулуш; 2. Макал-лакаптар - бүткөн ойду билдирүүчү логикалык бирдиктер; 3. Макал-лакаптар - көркөм миниатюралар [7,10]. Философтор макал-лакаптар аркылуу элдик ой жүгүртүүнүн түзүлүшүн аңдоого аракет кылат [1].

Лакаптын аныктамасы орус окумуштуулары Даль В.И., Дубровская О. Г., Ожегов С.И., Шведова Н.Ю., Теленкова М.А., Аникин В.П., Ушаков Д.Н., Черепанов В.Д., Потебня А.А., Бабиян Т.В., Телия В.Н., Михельсон М.И., Граник Г.Г., Мещерякова М., Соболева О.В. ж.б. эмгектеринде чагылдырылган. Аты аталган окумуштуулар макал, лакап, фразеология, учкул сөздөрдү изилдеп, сөздүк түзүп жана алардын грамматикалык структурасын, формасын анализдешкен. Орус окумуштуусу В.И.Даль орус изилдөөчүлөрүнөн биринчилерден болуп паремиялык жанрларды бири-биринен ажыратууга аракет жасаган. Ал сөздүгүнүн кириш сөзүндө лакаптарга аныктама берип: «Элдик аныктамаларга ылайык лакаптар гүл болсо, макалдар - анын жемиши. Бул - туура. Себеби, лакаптар кыйыр түрдө айтылган бөтөн сөздөр болуп, бүткөн ойду билдире албайт, б.а. макалдардын жарымы сыяктуу элес калтырат»- деген [2, 10].

Ал эми кыргыз тилинде Юдахин К.К., Ибраимов М.И, сөздүктөрдү түзсө, 1955-жылы Б.Керимжанова «Кыргыз элинин макал жана лакаптары» деген, 1964-жылы «Кыргыздын макалдары, лакаптары жана учкул сөздөрү» деген аталыш менен макал-лакаптарды өзүнчө топтом кылып чыгарып, кыргыз макал-лакаптарын тармактагы изилдөөлөрдүн жандануусуна зор салым кошкон. С.Закиров 1962-жылы өз изилдөөсүн «Кыргыз элинин макал-лакаптары» деген аталыш менен колго алып, анда макал-лакаптардын классификациясы, келип чыгуу булактары, көркөмдүк өзгөчөлүгү, поэтикасы, эстетикалык баалуулугу боюнча көптөгөн сунуштар, ойлор айтылган [10]. Мындан тышкары, макал-лакаптарды тематикасына жараша топтоп, Ш.Усупбековдун (1982) «Кыргыз макал-лакаптары», Ш.Төлөевдин (1985) «Кыргыз макал, лакаптары» деген эмгектерин, Ж.Мукамбаев 1982-жылы «Эл ичи - өнөр кенчи» аттуу эмгегин, Г.Тажиева жана А.Курманбекова (2004), М.Ибрагимов (2005), Ж.Койчуманов жана Ы.Кадыров (2012) ж.б. эмгектерин көрүүгө болот. Б.А. Сагынбаева, К.С. Бообекова Кыргыз-Түрк лакаптарын салыштырууга багытталган изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. С.Иманалиевдин, Д.Эшкеновдун изилдөөсүндө сөз концептине көңүл бурулуп, сырдык сөздөр жана макал-лакаптарга да өзгөчө орун берилген.

С. Закиров [3] «Элдик оозеки чыгармалардагы айрым жанрларды жыйноодо көптөгөн кыйынчылыктар да жолугарын, Мисалы: табышмактар менен макал-лакаптарды чогултуу өтө оор экенин, буларды жаттап алып ошол эле замат айтып бере тургандай мүмкүнчүлүктөр болбогонун, кокусунан сөздүн арасына туура келе калганын, айтуучунун өзү да байкабай калган учурлар көп экенин» белгилеген. Ошондой эле «макал-лакаптардын маанисин бир сөз менен жалпылаштырууга мүмкүн эместигин, алар сүйлөмдүк түзүлүштө болгондуктан, ичиндеги сөздөрдү сүйлөм мүчөлөрүнө ажырата ала турганыбызды» белгилеген [4]. Бирок макалдар семантикалык жактан бүткөн бир ойду билдиргендиктен сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратуу мүмкүн болгону менен, лакаптардын баарын тең антип талдоого мүмкүн эмес. Себеби, лакаптарда көп учурда ой бүтпөй калышы, айтылып жаткан ой аркасынан экинчи бир ойду ээрчитиши ыктымал.

Д.Э.Эшкенов [10] Макал-лакаптардагы менталитеттик өзгөчөлүктөргө анализ жүргүзүү аркылуу бир тилде сүйлөгөн адамдардын дүйнөнү кабылдоодо кандай таанып-билүүчүлүк категорияларга басым жасарын жана ал категорияларга жараша түшүнүктөрдүн аң-сезимдеги жайгашуу ордун аныктаса болорун белгилеген. Изилдөөлөр конкреттүү тилдердеги макал-лакаптардын табиятын терең талдоого багытталгандыгын эске алсак, макал-лакаптар аркылуу бир коомдун, улуттун жалпы дүйнө таанымын, жүрүм-турум эрежелерин, жашоо образын ж.б. негизги өзгөчөлүктөрүн илимий жактан ар тараптуу анализдөөгө мүмкүн болот [10,12]. Макал-лакаптар биздин күндөлүк турмушубуз менен тыгыз байланышып, аларда улуттун көп кылымдык тажрыйбасынан топтолгон кеменгерликтин үлгүлөрү, чыгармачылыктын жогорку деңгээлдери, жалпы жүрүм-турум нормалары даана сакталып калгандыктан, макал-лакаптын өзөктүк мазмуну элдин жашаган жери, маданияты, каада-салты менен үндөшүп турса, ал ма-

кал-лакап ошол тилдин байлыгы катары эсептелүүгө тийиш [10,13]. Макал-лакаптар, жалпысынан, улуттун деңгээлиндеги когнитивдик структурада каралат. Анткени макал-лакаптар жалпы улуттун тажрыйбасынан пайда болуп, көпчүлүк тарабынан бирдей когнитивдик түзүлүштү камсыз кылуучу тилдик бирдиктерге кирет [10,14].

Макалдардын жаратуучусу жалпы эл деп билинип же аноним болуп, кыска, уйкаш айылган сөз тизмегинде же сүйлөмдө ошол элдин ой пикири, түшүнүгү, маданияты, салты, орток тил маданияты чагылдырылат. Макалдар бир элге таандык болуп, кылымдарды басып өтүп, ошол элдин ойлорунан, ой бүтүмүнөн, турмуштук тажрыйбадан алынган сабагынан, логикасынан жаралат. Макалдар окуя же мамилеге карата элдин ой пикирин, жашоого көз карашын чагылдырган кыска, нуска, таамай айтылган сөздөр. Негизинен макал элди тарбиялап, өзүндө терең маани катылган.

**Лакаптардын келип чыгуу булагы.** Лакаптардын да жаратуучусу -эл. Бирок айрым учурда алардын «автору», доору, келип чыгыш тарыхы, колдонулган аймагы белгилүү. Бирок эмнегедир бул эки тилдик бирдик өз өзүнчө бөлүнүп айтылбастан, көбүнчө «*макал-лакаптар*» деп айтылып, кош сөз катары кабыл алынгандай элес калтырат. Макал жана лакаптар эч бир убакта актуалдуулугун жоготпой, эскирбей, дайыма адам баласынын жан дүйнөсүндө орун алат. Макал - кыска, кыймыл-аракетти, бүткөн ойду чагылдырган элдик чыгарма. Эки бөлүктөн турат. Окуя жана андан тарбия алып, жыйынтык чыгаруу күтүлөт.

Макал жана лакаптардын мазмуну, образдуулугу, элестүүлүгү болумуштардын, жомоктордун, аңгемелердин, ырлардын жана башка жанрлардын өзгөчөлүгүнө жараша өзгөрөт. Кээ бир сөз, сөз айкашы же сүйлөмдөрдүн макал же лакап катары колдонулушу жанрдын өзгөчөлүгүнө кызмат кылат. Кээ бири бурмаланып, кыйыр түрдө айтылат. Мисалы, «арпа эксең буудай өнөбү?» - суроосу кыйыр түрдө берилет. Же «сарымсактан келин алышыптыр, жыты кырк жыл бою кетпептир»- деген түрк лакабы да, «көр көргөнүн кылат, көсөө түрткөнүн кылат», кыргыз макалы, «казга теңелип карганын буту сыныптыр», «же чапаным же», - деген лакап да кыйытып, өз учуруна дал келген окуяга карата айтылат. Бирок көпчүлүк макалдар түз мааниде айтылат. Мисалы, «Мурун чыккан кулактан, кийинки мүйүз озуптур».

Лакаптар турмуш-тиричиликке байланыштуу, эпостордон, жомоктордон, уламыштардан, элдик оозеки чыгармалардан, фольклордон, адабий чыгармалардан, кээ учурда эл оозунан, күүмдүк жашоодон алынышы мүмкүн. Алардын кээ бирлеринин жаралуу доору, ким айтканы белгилүү болсо, көп учурда белгисиз болуп, эл ичине сиңип кеткендиктен, лакаптар жалпы элдин байлыгы катары кабыл алынып калган.

Кыргыз тилиндеги лакаптардын баарынын түшүндүрмөсүн берүү мүмкүн эмес, айрыкча керек да эмес. Изилдөөдө кээ бир лакаптар бүтүндөй эл үчүн орток болсо, кээ бирлери аймактык өзгөчөлүккө карата көп же аз колдонулаары билинди. Кээ бир аймакта колдонулган лакаптардын ким тарабынан айтылганы, кандай учурда айтылганы ошол аймактагы элге маалым болсо, кээ бири көп убакыт өткөнүнө байланыштуу автору унутулуп калган же жалпы элге сиңип кеткен. Ошондой эле кээ бир лакаптар аймактык болуудан чыгып, жалпы элге тарап кеткенине күбө болдук. Бул албетте тилибиздин байлыгы, элдик акылмандыктын, тапкырлыктын үлгүсү. Андыктан лакаптардын изилдениши жана элге таралышы өтө маанилүү.

***Макалдын лакаптан айырмасы эмнеде***? Лакап - элдик оозеки чыгармачылык болуп, эл оозунда айтылып калып, окуя, абалды так, таамай сүрөттөөгө багытталат. Мисалдарын адабий чыгармалардан да кездештирүүгө болот. Кээде макал менен лакаптын ортосунда так чекти, айырманы белгилөө өтө татаал. Сүйлөп жатканда, тилде макал көпчүлүк учурда лакап сыяктуу колдонулушу же лакап макал сыяктуу колдонулушу мүмкүн. Мисалы, «отун албаганга от жактырба» лакабы макал сыяктуу колдонулса, «Башы оорубагандын Кудай менен иши жок» макалы да лакап сыяктуу колдонулушу толук мүмкүн.

1. Лакаптар макалдардан жаралыш өзгөчөлүгү боюнча айырмаланат.
2. Лакаптар көбүнчө метафораларга, салыштыруу, гиперболага негизделет. «Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн», «айткандын оозу жаман, ыйлагандын көзү жаман».
3. Лакаптарда да макалдардагыдай эле, элдик даанышмандык даана чагылдырылат. Айырмасы, макалда бүткөн ой болуп, эки бөлүктөн турса, лакап кээде бир гана бөлүктөн туруп,

көбүнчө ой бүтпөй да калышы ыктымал.

4. Лакап – кеңири тараган оозеки образдуу айтылыш болуп, турмуштун тигил же бул окуясын, абалын, көрүнүштү таамай сүрөттөп, баалап көрсөтүүчү сөз айкашы же сүйлөм сүйлөм. Лакап – бир окуяга карата кыска, таамай, образдуу айтылган сүйлөм же бир ой болуп саналат [6].

5. Лакап- эскирген, бирок макал сыяктуу дайыма колдонулуп келген, бир аз поэтика камтыган фольклордук жанр.

6. Лакаптардын кээ бир учурда келип чыгуу тарыхы, кимдин кандай учурда сүйлөгөнү да белгилүү болушу мүмкүн. Ким тарабынан айтылганы белгилүү болсо, «баланча айткандай..» -деп айтылып, ал эми кээ бири тарыхый окуяга байланыштуу болсо, келип чыгыш тарыхы, кандай учурда айтылып калганы же окуясы белгилүү. Мисалы, «Манасты унуткансып…».

7. Лакап шарттуу түрдө тигил же бул кыймыл аракетти билдирген сөз айкашы. Кээде окуянын маанисине төп келбеген ойду чагылдырышы да мүмкүн [11,12].

8. Лакаптын макалдан айырмасы – *тикеден-тике жалпылоочулук, тарбиялоочулук үйрөтүүчүлүк милдетти аткарбай, ал мүнөзгө ээ болбой, чектелүү гана абалдар үчүн айтылат, ошол учурдагы абалды сүрөттөйт*. Мисалы, «апенди кызын мактагандай болуп» деген сыяктуу лакаптар, бир ойду толук бүтүрбөй, окуялардагы окшоштукту салыштыруу иретинде айтылат.

9. Лакап – туруктуу сөз айкашы болуп, жандуу (көбүнчө оозеки) кепте колдонулуп, өзүндө, мазмунунда толук байланышты чагылдырган образдуу элести камтыган сөздөр (сүйлөм), кыйыр маанисинде окуяны сүрөттөйт. Бирок тарбия берүүчүлүк жагы жок.

10. Лакап –тарбия берүүчүлүк максатты көздөбөгөн, рифмалуу, образдуу, макал болуу үчүн толук жетилбеген, кандайдыр бир абалды, кубулушту, көрүнүштү, фактыны эч кандай контексти болбой, жаңы сөздөр менен аныктаган, логикалык жактан бүтпөгөн кыска кеп.

11. Лакап - кандайдыр бир абалды таамай сүрөттөө үчүн колдонулган, жалпылоочулук мааниси жок, тилдик бирдик [6]. Кандайдыр бир окуяга, кубулушка, көрүнүшкө карата таамай айтылган сөздү, ойду, сынды билдирет.

12. Лакаптар көбүнчө көп убакытка байкоого таянып айтылган жана элге сиңип кеткен, үгүт-насаат түрүндө сөз. Мисалы, «Жуурканыңа карап бутуңду сун», «Айдаганы беш эчки, ышкырыгы таш жарат». Эски тажрыйбалардан калып, жол көрсөткөн, багыт берген насаат сөз. Мисалы: «Күлгөнгө күлө жетем дептир». «Көп түкүрсө көл болот». «Букарда пулу бардын көөнү ток». Кыска, кээде уйкаштыгы болсо, кээде уйкаштыгы болбой, насаат катары же кыйытып айтылган сөздөр лакап боло алат. «Керегем сага айтам, келиним сен ук», «Шодокондун бүркүтүндөй жулунуп», «Ары жок тооктун түшүнө, акталган таруу кириптир», «Мышык майга жетпей сасык дейт», «Колго түшкөн коёнду, коё берген оңобу?» сыяктуу лакаптар да кездешет [5]. Макал жана лакаптар же учкул сөздөр жазуучулардын адабий чыгармаларында кездешет. Кээ бир лакаптар көркөм адабий чыгармалардан, жомоктордон, уламыштардан, анекдоттордон алынып, элге сиңип кеткен. Мисалы, «Шодокондун бүркүтүндөй жулунуп», «Акыл Карачачтай болуп», «чык татырбас Чынарбай», «Токбайдын тоюндай кылып», «ай караган текедей болуп» ж.б. Ушулар менен бирге, элдик турмуштан алынган азыркы учурга таандык жаңы лакаптар да кездешет.

13. Жазма адабияттын өнүгүшү менен макал- лакаптардын саны да өстү. Булар адабият тектүү лакаптар, учкул сөздөр катары билинет. Өзгөчө мында элдик фольклорго таянган, аларды жыйнап, чыгармаларында колдонгон кыргыз акын-жазуучуларынын эмгеги зор. Мисалы, Ч.Айтматовдун «адамга эң кыйыны күн сайын адам болуу», «Дүйшөндүн мектебиндей эски», «Танабайдай болуп алдыда жүрүү», А.Токомбаевдин «Биз дүйнөдөн өтүп кетсек, эл эмгектен эскерсин», А.Осмоновдун «Толубайдын аттарындай болуп», С.Эралиевдин «Ак Мөөр» поэмасынан алынган «Болот болуп буркурап», Токтогулдун ырындагыдай «Алымкан болуп», Тоголок Молдонун «Кемчонтойдой болуу», «Иттин доолдай тиктирем дегениндей болуу», М.Алыбаевдин кээ бир эрке аялдарга карата айтылган «ак кол, акчүч» деген аныктамасы же эл арасында «Мидин айткандай…» - деген сыпатоолор лакаптын ар жерде, ар кандай абалда колдонулаарын көрсөтүп турат. Элдик макал-лакаптардын катарына дүйнө адабиятынын өкүлдөрүнүн да сүйлөмдөрү кирген. Мисалы, А.С.Пушкиндин «алтын балыгы», М.А.Горькийдин

«кыштактагы чоң атама» сөзү, сүйүшкөн жаштарга карата айтылган «Тим эле Ромео Жульетта го» сөзү да Шекспирдин драмасынан алынып берилген.

14. Лакаптар өзүнүн нерсени, абалды, көрүнүштү таамай, образдуу сүрөттөө өзгөчөлүгү менен макалга караганда тилдин өзгөчөлүгүнө жараша кеңири колдонулушу мүмкүн. Лакап кайсы бир толук бүтпөгөн тамсилдин, макалдын, окуянын бир бөлүгү катары билинип, бир нерсени, абалды, окуяны кыйытып айтканга, эч кандай сабак бербей, чындыкты, фактыны так белгилегенге жарайт. Потебнянын белгилегени боюнча, «Лакап - элдин айтымындагыдай дарактын гүлү болсо, макал- мөмөсү. Лакап абалды сүрөттөөдө кыйтылган сөз, таамай белгиленген же бурмалап айтылган кеп, какшык, айтуу, түшүндүрүү өзгөчөлүгү болсо да, сындабай, үйрөтпөй, жыйынтык чыгарууга боло турган сөз айкашы, сүйлөм же макалдын жарымы» [9]. Лакап - сүйлөп жаткан кишинин бир нерсеге карата тике айтылган сөзү болуп, ой толук айтылбай, кээде нерсенин, абалдын, кишинин аты аталбай туруп, шарттуу түрдө ачык эле бир нерсеге тийиштирип айтышы, - десек болот.

15. Лакаптарда макалдарга караганда көбүнчө улуттук, жалпы элдик, аймактык түшүнүктөр камтылып, ошол элдин же аймактын элинин гана түшүнө ала турганындай абалды чагылдырат. Заман өзгөргөн сайын маани да өзгөрүп, лакап бир доорго таандык абалды сүрөттөөгө колдонулганын айтууга болот. Мисалы, «кайда барсаң Мамайдын көрү» лакабы жашоодогу кездешкен кыйынчылыкты билдирсе да, бир согуштан кийин Мамайдын аскерлеринин мүрзөлөрү бардык жакта толуп кеткенин билдирүүдө. Же болбосо «биринин жүнүн бири жеген» абал тике маанисинде жут болгондо койлор жээрге эч нерсе жок, ачкалыктан бири-биринин жүнүн экинчиси жеп жатып өлүп калганын билдирсе, кыйыр маанисинде абдан көп сандагы мал, эл топтолгонун билдирет. Ошентсе да тарыхый абалдан жаралган лакаптарга караганда, элдин күнүмдүк турмуштук тажрыйбасынан алынган лакаптар өтө көп кездешет. Башкача айтканда, элдик макал-лакаптардын негизги булагы болуп, ошол элдин социалдык-экономикалык, маданий, салттык жашоо тажрыйбасы саналат.

**Лакаптардын классификациясы.** Лакаптар төмөндө жаралуу өзгөчөлүгүнө, уланган мүчөсүнө, сүйлөм кандай сөздөр менен бүткөнүнө, каяктан алынганына, айтылганын өзгөчөлүгүнө карата чоң үч топко бөлүндү да, алар да өз ара жаралуу булагына, келип чыгуу же мүчө уланып уюштурулуу формасына, структурасына карай бир канча топко ажырады:

- **1. Жаралуу өзгөчөлүгүнө карай**:
- Эпостордон алынган лакаптар
- Жомоктордон алынган лакаптар
- Тарыхый окуяларга байланыштуу лакаптар
- Турмуш- тиричиликке байланыштуу лакаптар
- Жаралган доору белгилүү
- Жаралган доору белгисиз
- Кимдин айтканы белгилүү (Асан айткандай)
- Кимдин айтканы белгисиз (Апенди же эртеги бирөө айткандай).

**2. Сөз жасоочу мүчөлөрүнө карай**:

- -ып, -ип, -үп, -уп, -сып, -сип, мүчөлөрү
- - ыптыр мүчөсү
- -ат, -ет, -айт, мүчөлөрү
- - ар, -мыш, -дай мүчөсү менен жасалган лакаптар
- Өткөн чактын -ды мүчөсү менен жасалган лакаптар.

**3. Мүчө уланбай толук сүйлөм катары айтылган лакаптар**

- - дейт менен бүткөн лакаптар,
- - болуп деген сөз менен бүткөн лакаптар,
- - дегендей деген сөз менен бүткөн лакаптар,
- Суроо иретинде айтылган лакаптар,
- Буйрук иретинде айтылган лакаптар.
- Тилек, ниет түрүндө айтылган лакаптар,
- Арман түрүндө айтылган лакаптар,

- «Жакшы, жаман» деген сөз менен бүткөн лакаптар,
- «бар, жок» - деген сөз менен бүткөн лакаптар,
- «аз, көп» - деген сөз менен бүткөн лакаптар,
- 1-, 2-, 3- жактарга тиешелүү айтылган лакаптар.

## Жыйынтык

Жалпысынан алганда Кыргыз тилинде лакаптар үч чоң топко бөлүнгөнү менен бул үч топтогу лакаптар келип чыгуу булагына, тарыхына, түзүлүш, жаралыш өзгөчөлүгүнө, уланган сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү, чак, жак, чакчыл, салыштыруу мүчөлөрүнө жана толук сүйлөм катары кандай сөз менен бүткөнүнө карап, азырынча 31 башка өзгөчөлүктө айтылганы маалым болду. Албетте бул лакаптарды толук изилденди же айырмачылыктары табылды дегенге жатпайт. Кыргыз тилиндеги лакаптар - дагы көптөгөн изилдөөлөр жасалыш керектигин талап кылган өзүнчө тилдик байлык. Лакаптарда улуттук аң сезим, салт, маданият, көнүмүш адаттар, айласыздык же кандайдыр бир ыңгайсыздык абал түзүлгөндө кыска гана чымчып айтылган сөздөрдө чагылдырылат. Лакаптардын айтылышында, колдонулушунда өлкө ичинде аймактык өзгөчөлүктөргө жараша да айырма болгону, бир аймакта айтылган, колдонулган лакаптардын толук бойдон өлкөнүн башка аймактарына азырынча жайылбаганы байкалды. Андыктан, лакаптарды изилдөө мезгилдин талабы. Алар изилденип, аймактык жана диалекттик өзгөчөлүктөр сакталуу бойдон элге жеткирилсе, тилибиздин байлыгынын сакталышына, байышына өбөлгө болмок. Лакаптар келечекте ар тараптуу жана терең изилдөөгө алынат деп ишенебиз.

## Адабияттар тизмеси:


1. **Аникин, В.П.** Русские народные пословицы, поговорки, загадки и детский фольклор [Текст]: пособ. для учит. / В.П. Аникин. – Москва, 1957.
2. **Даль, В.И.** Сборник. В 2-х т. Напутное [Текст] / В.И. Даль // Пословицы русского народа: Художестве. Литература.- Москва, 1984.
3. **Закиров, С.** Эл чыгармачылыгы - эл кенчи:Адабий сын,макалалар [Текст] / С.Закиров. - Ф.: Кыргызстан, 1981.- 176 б.
4. **Закиров, С.** Кыргыз элинин макал, лакаптары [Текст] / С.Закиров.- Ф.: Мектеп,1962.- 112 б.
5. **Ибрагимов, М.** Кыргыз Макал-Ылакап [Текст] / М.Ибрагимов // Учкул Сөздөрү 10551.- Карабалта, 2005.- 500 б.
6. **Ожегов, С.И.** Толковый словарь русского языка, 2-е издание [Текст] / С.И. Ожегов, Н.Ю. Шведова.- М.: АЗЪ, 1994.
7. **Пермяков, Г.Л.** От поговорки до сказки (заметки по общей теории клише) [Текст] / Г.Л.Пермяков.- Москва, 1970.- 240 с.
8. **Пермяков, Г.Л.** К вопросу о структуре паремиологического фонда [Текст] / Г.Л. Пермяков // Типологические исследования по фольклору.- Москва, 1975.
9. **Потебня, А.А.** Из лекций по теории словесности: Басня. Пословица. Поговорка [Текст] / А.А. Потебня // Теоретическая поэтика.- М.: Высшая школа, 1990.- С.90-97.
10. **Эшкенов, Д.Э.** Улуттук менталитеттин тил аркылуу чагылдырылышы [Текст]: дис. ... д-ра PhD / Д.Э. Эшкенов.- Бишкек, 2015.
11. Что такое поговорка? Определение и значение слова ..., URL: www.slovotop. ru/6/pogovorka.html. Дата обр. 15.11.2020.
12. **Калдыбаева, Ж.А.** Использование пословиц, поговорок и загадок на занятиях по практическому курсу русского языка [Текст] / Ж.А. Калдыбаева, Н.С. Кудайбергенова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2012. - №3,4. – С. 5 – 7.
13. **Султаналиева, Н.Т.** Педагогический потенциал кыргызских пословиц и поговорок [Текст] / Н.Т. Султаналиева, К.М. Капарова, Ж.А. Калдыбаева // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2013. - №1. – С.17 – 18.
14. **Бердибаева, Н.И.** Кыргызские и русские пословицы о воспитании личности речи [Текст] / Н.И. Бердибаева, Г.А. Имашева // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2013. - №1.– С. 21– 22.


DOI:10.54834/16945220_2022_2_113

Поступила в редакцию 12. 03. 2022 г.

**УДК 398.22**

***Жолдошова К.Ж.***
*преп. Ошского госуд. универ., Кыргызская Республика*

# КЫРГЫЗ ЖАНА АЛТАЙ ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ АЙРЫМ ТИПОЛОГИЯЛЫК ЖАЛПЫЛЫКТАР

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары кыргыз фольклористикасындагы эпос жанры маселеси боюнча айрым көз караштар талданып, кыргыз жана алтай фольклорунун тектештиги маселеси каралды. Изилдөөнүн максаты - аталган эки элдин эпосторундагы орток жана архаикалык мотивдерди бөлүп алып, алардын типологиялык жалпылыктарын салыштырып иликтөө болуп саналат. Изилдөөдө салыштыруу, типтештирүү, сыпаттоо жана тектештирүү методдору колдонулду. Изилдөөдөн алынган натыйжалар катары кыргыз жана алтай элдеринин элдик оозеки чыгармачылыгындагы орток эпикалык чыгармаларына басым жасалгандыгын белгилөөгө болот. Натыйжалардын илимий баалуулугу кыргыз жана алтай элдеринин элдик оозеки чыгармачылыгына азыркы көз караштан туруп мүнөздөмө берилип, жанрдык түрлөр, алардын арасындагы байланыш, типтүү белги-касиеттер, окшоштуктар жана айырмачылыктардын талдануусунда аныкталды. Мындагы алынган натыйжаларды жана талданган материалдарды жалпы билим берүүчү мектептердин, атайын кесиптик орто окуу жайлардын, ЖОЖдордун филологиялык багыттагы адистиктеринде сабак өтүүдө колдонууга болот. Тема боюнча перспективалык изилдөөлөрдө макаладан алынган тыянактарды кыргыз жана алтай элдеринин оозеки элдик адабиятын жанрлар арасында андан ары тереңдетип өздөштүрүүдө пайдалануу сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз жана алтай фольклору; тектештик; жанрлар; орток сюжет; архаикалык мотивдер; типологиялык жалпылыктар.*

# НЕКОТОРЫЕ ТИПОЛОГИЧЕСКИЕ ОБЩНОСТИ КЫРГЫЗСКОГО И АЛТАЙСКОГО ФОЛЬКЛОРА

*В статье анализируется некоторые взгляды на проблему эпического жанра в кыргызском фольклоре как на предмет исследования, а также рассматривается вопрос сходства кыргызского и алтайского фольклора. Цель исследования – выделить общие и архаические мотивы в эпосах этих двух народов и сравнить их типологические общности. В исследовании использовались методы сравнения, типизации, описания и классификации. Результаты исследования сосредоточены на общеэпических произведениях кыргызского и алтайского фольклора. Научная ценность результатов характеризуется современным подходом к фольклору кыргызов и алтайцев, раскрывающимся при анализе жанровых типов, их соотношения, типичных черт, сходств и различий. Полученные результаты и проанализированные материалы могут быть использованы при обучении в общеобразовательных школах, средних специальных учебных заведениях, вузах, на филологических специальностях. Перспективное исследование темы предполагает использование выводов статьи при дальнейшем углубленном изучении устной народной литературы кыргызов и алтайских народов в жанровом разрезе.*

***Ключевые слова:*** *кыргызский и алтайский фольклор; сходство; жанры; общий сюжет; архаические мотивы; типологическая общность.*

# SOME TYPOLOGICAL COMMUNITIES OF THE KYRGYZ AND ALTAI FOLKLORE

*The article analyzes some views on the problem of the epic genre in Kyrgyz folklore as a subject of research, and also discusses the issue of similarities between Kyrgyz and Altai folklore. The purpose of the study is to distinguish between common and archaic motifs in the epics of these two peoples and to compare their typological similarities. The study used methods of comparison, typing, description and classification. The results of the study focus on common epic works of Kyrgyz and Altai folklore. The scientific value of the results is characterized by a modern approach to the folklore of the Kyrgyz and Altaians, revealed in the analysis of genre types, the relationship between them, typical features, similarities and differences. The results obtained and the analyzed materials can be used in teaching philological specialties in secondary schools, vocational schools and universities. A promising study of the topic involves the use of the conclusions of the article in the further deepening of the oral folk literature of the Kyrgyz and Altai peoples among the genres.*

***Key words:*** *kyrgyz and altai folklore; similarity; genres, common plot; archaic motives; typological commonality.*

**Киришүү**. Тарыхый, генетикалык жана тилдик-маданий тектештиги бар кыргыз жана алтай элдеринин эпикалык чыгармачылыгындагы орток сюжеттик мотивдердин типологиясын тарыхый-фольклордук аспектиден талдоого алуу жана баа берүү зарылчылыгы изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугун аныктап турат. Учурдагы кыргыз-алтай элдеринин карым-катыштары кеңейип, коммуникативдик алакалары тереңдеп бара жаткандыгы изилдөөнүн темасын тандоого негиз болду. Кыргыз элинин улуттук өзүн таанып-билүүсү жана руханий турмушу узак тарыхый жашоосунда коңшулаш элдер менен эриш-аркак өнүккөн. Ошол себептүү кыргыздардын жана алтайлыктардын маданий турмушунун көркөм сөз материалдарынын негизинде эпикалык чыгармачылыгын тарыхый-фольклордук планда талдоо жана баа берүү зарылчылыгы келип чыгат. Эки элдеги эпостор - кыргыз элинин көптөгөн кылымдар бою сактап, ыйык тутуп, улам толуктап келе жаткан көркөм сөз мурасы, улуттук сыймыгы катары баалануучу чыгармалар. Макалада тутумунда архаикалык сюжеттер сакталып калган “Эр Төштүк”, “Маадай-Кара” эпосторуна басым жасалды. Бул эпостордун мазмунунда көптөгөн доорлорду камтыган катмарлануулар орун алып түрдүү мүнөздөгү сюжеттик мотивдер кездешет. Ошондуктан макаланын максаты катары аталган эки элдин эпосторундагы орток көөнө мотивдерди бөлүп алып, алардын типологиялык жалпылыктарын салыштырып иликтөөнү тандап алдык.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору.** Макаланын объектиси алтай жана кыргыз фольклористикасындагы типологияга байланышкан айрым актуалдуу маселелер болуп саналат, предмети катары кыргыз фольклористикасындагы эпос жанры маселеси боюнча айрым көз караштар, алтай фольклору менен тектештиги тандалып алынды. Изилдөө салыштыруу, типтештирүү, сыпаттоо жана тектештирүү методдоруна негизделет.

**Негизги бөлүм.** Тарых барактарында, түрдүү өңүттөгү илимий изилдөөлөрдө кыргыздардын Түштүк Сибирь аймагында жашаган алтай, хакас, шор, тыва, якут (саха уранхай) сыяктуу элдер менен генетикалык, маданий-экономикалык, этнографиялык, тилдик ж.б. тектештиги тууралуу бир топ иликтөөлөр бар [1; 3; 5]. Айрыкча алтай элинин кыргыз эли менен ар тараптуу жакындыгы, тарыхый тагдырларындагы терең тектештиги баса көрсөтүлүп келет. Элдик оозеки чыгармачылыктагы эпос жанры аталган элдерде калыптануунун жана өнүгүүнүн узак этаптарын басып өтүшкөн. Бул элдик чыгармалар тамырлаш эки элдин жалпы эле рухий жана социалдык турмушунун ар кыл жактарын изилдеп үйрөнүүдөгү өзгөчө бай жана баалуу булак болуп саналат. Эпостордун бул өзгөчөлүктөрү XIX кылымдагы В.В.Радлов, Ч.Ч. Валиханов баштаган изилдөөчүлөрдөн тартып эле илимий эмгектеринде белгилене баштаган. Фольклордук-этнографиялык планда С.С.Суразаков, И.В.Пухов, Мелетинский С.Е., Л.Я.Штернберг, С.А.Токарев, А.Н.Бернштам, В.М.Жирмунский ж.б. фундаменталдык изилдөөлөрүн жаратып кетишти. Ал эми кийинки кылымдарда калыптанып өөрчүүгө жетишкен кыргыз фольклористикасында фольклордук жанрлардагы, анын ичинде биз изилдөөгө алган эпостордогу архаикалык мотивдер фольклорист, этнограф окумуштуулар Э.Абдылдаев, Р.З.Кыдырбаева, Т.Абдыракунов, Р.Сарыпбеков, Б.Кебекова, И.Б.Молдобаев ж.б. эмгектеринде өз проблемаларына байланыштуу айрым каралган [7].

Жогоруда аталган окумуштуулардын изилдөөлөрүндө фольклордук, этнографиялык, тарыхый ж.б. жагдайда эки элдин эпосторунун оозеки эпикалык салттарынын өнүгүүсүнүн өзөктүү маселелери болгон эпостун келип чыгуусу, стадиалдык-тарыхый өрчүшү, поэтикасы жана образдык тутуму, айтуучулук өнөр, эпостордун варианттарын салыштырмалуу изилдөө, эпикалык мейкиндик жана убакыт маселеси, алардагы көөнө катмарлар ж.б. каралган жана бул иштер улам кийинки окумуштуулардын муундары тарабынан улантылууда.

Фольклорист Э.Абдылдаевдин (1987) пикири боюнча эпостордун көөнө катмары тектеш эки элдин эң көөнө тарыхын – элдин калыптануу этабын чагылдырары берилген. Р.З. Кыдырбаева (1980) кыргыз, алтай эпосторунун тектештигине көңүл бөлүү менен алардагы көптөгөн кылымдарда калыптанган катмарлануулары баса белгилейт жана алардын оозеки табиятына байланыштуу келип чыккан өзгөчөлүктөргө токтолот [6]. Окумуштуунун пикири боюнча эпостордогу көөнө катмарлар алардагы архаикалык мотивдердин, сюжеттердин, образдардын жана көркөм туюнтуу каражаттарынын системасынан түзүлөт. Окумуштуу Т. Абдыракунов-

дун (1981) илимий талдоолору кыргыз элинин тектеш элдер менен анын ичинде алтай эли менен тарыхый-маданий, фольклордук байланышынын тарыхый фактыларына, диний-мифологиялык түшүнүктөрдүн реалдуу турмуш менен байланыштуулугуна таянат. Эки элдин орток сюжетке ээ болгон оозеки чыгармачылыгы айрым иликтөөгө алынган. Р.Сарыпбековдун “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясына жана Алмамбеттин образын ачууга байланыштуу эмгектеринде архаикалык мотив маселесинин жана жалпы эле эпос таануунун теориясына арналган бир топ материалдар орун алып, алтай жана кыргыз эпосторунун мисалында салыштырма талдоолор жүргүзүлгөн, фольклордук эпикадагы эпостордун жаралышында өзөк болгон архаикалык мотивдердин ролуна басым жасалса, ал эми этнограф И.Б. Молдобаев (1989) өз эмгектеринде тектеш элдердин эпосторун тарыхый-этнографиялык жагдайда талдоого алуу менен бирге архаикалык мотивдер боюнча да жазма булактарга кайрылуу менен өзү изилдөөгө алган проблематикага байланыштуу токтолуп кеткен жана аларды түрк тилдүү элдердин этнографиялык мисалында салыштырмалуу талдоого алган [8].

Кыргыз жана алтай элдери өздөрүнүн карт тарыхында эпикалык маданияттын бийик үлгүлөрүн жаратууга жетишкен. Узак доорду камтыган карт тарыхында кыргыздар абдан бай, уникалдуу оозеки чыгармачылыкты жараткан. Эпикалык чыгармалар ооздон-оозго өтүп, эчендеген муундар тарабынан кылымдан-кылымга жетип, улам жаңырып, алымча-кошумчалар менен иштелип чыккан элдик казына болуп азыркы мезгилге чейин убакыттын сыноосунан өткөн көптөгөн көркөм мурастар бизге келип жетти, көптөрү оозеки табиятына байланыштуу унутулуп калган. Көчмөн цивилизацияга байланыштуу бул элдер өзүнүн руханий өнүгүүсүн, айрым реалдуу тарыхый окуяларын оозеки эпикалык жанрда көркөм типтештирип чагылдырып келген. Элдик оозеки чыгармачылык өз табиятына ылайык түрдүү доорлордогу турмуш, табият, жакшылык менен жамандык ж.б. тууралуу түшүнүктөрүн, алардын ички өзөгүнүн мазмуну ошол доорлордун тактоосунан өтүп келгендиги маалым [4].

Кыргыз жана алтай элдеринин тектештиги тилдик жагынан да ачык көрүнөт, окумуштуу Н.А. Баскаковдун классификациясы боюнча кыргыз, алтай тилдери Алтай тил уясынын түрк тайпасынын кыргыз-кыпчак тобун түзөт. Түрк тилдеринин ичинен ушул кыргыз жана алтай тилдеринде гана үндүүлөрдүн үндөштүк мыйзамы - сингармонизм толук сакталарын илимпоз баса белгилейт. Мында окумуштуу түрк тилдеринин классификациясын түрк элдеринин жана тилдеринин тарыхый өнүгүшүнүн хронологиялык иретине байланыштырып караган (Баскаков Н.А. ,1952).

Чындыгында эле дүйнөлүк тилдердин классификациясында Алтай тил уясындагы кыргыз тилине эң жакыны алтай тили. XVIII-XIX кылымдарда Батыш Европа, орус окумуштуулары аталган тил уясына кирүүчү тектеш тилдер тууралуу маселе көтөргөн. Алгач бул гипотеза болсо, улам убакыттын өтүшү менен илимде такталып, азыр теорияга айланып олтурат. Буга биринчи далил Орхон-Енисей таш жазууларынын табылышы болгон. 1890-жылдарды бул жазуулар окулуп, Сибирь аймагында жашаган элдердин тилдериндеги окшоштуктар изилдене баштайт. Алтай тил уясы монгол, тунгус-манжур жана түрк тайпаларынан турары белгилүү. Алардын ичинен түрк тайпасындагы тилдер кыргыз тилине жакынкы тектеш болсо, монгол жана тунгус-манжур тилдери салыштырмалуу алыскы тектеш тилдер болуп саналат. Бирок үч тайпанын тең тилдери Орхон-Енисей таш жазма тексттерине окшош. Мындан тарыхый планда алып караганда бул тилдерде сүйлөгөн элдердин тамыры бир экендигин байкоого болот.

Жогоруда белгиленгендерди эске алуу менен кыргыз жана алтай эпикалык жалпылыгы, алардагы орток сюжеттердин типологиясынын фольклор таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө сереп салуу аталган маселелердин ачыкталышына өбөлгө түзүлөрү анык. Көөнө эпостор ар кандай элдин көркөм өнүгүүсүндө мифтен өнүп чыккан сөз өнөрүнүн байыркы формасы болуп саналат. Мындай мифтен элдик эпоско айлануу учурунда аталган жанр ар түрдүү стадияларды басып өтөт, алар маселен алгачкы стадия жана типологиялык кийинки стадиялар. Иликтөөгө алынган тектеш элдердин эпостору алгачкысына таандык болуп, көөнө түшүнүктөргө негизделген мотивдерге бай, архаикалык белгилери туруктуу сакталгандыгы байкалат.

Көөнө эпикалык чыгармалардын башкы каармандары жердеги алгачкы адамдар болуп саналат. Алар уруу жашай турган жерди жаратышат, андан соң күн, ай, жылдыздар жаратылат.

Алгачкы адамдар желмогуздарды жеңип жерди жашоо үчүн ыңгайлуу абалга алып келишет, бул хаосту жеңүү, дүйнө түзүмүн иретке келтирүү десек болот. Алар отту пайдаланууну, мергенчиликти, дыйканчылыкты, ооруну дарымдоону үйрөтүшөт, ошентип бул дүйнөдө мындан ары дайым боло берүүчү тартипти орнотушат. Бул сюжет туруктуу сакталуу менен улам өнүгүп фольклордук сюжеттен салттуу ордун табат [2]. Буга жакынкы жана алыскы тектеш чыгыш, түрк-монгол элдеринин фольклорунан көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Маселен якут олонхосунда Эр Соготох ж.б. кыргыз эпосу “Эр Төштүк”, алтай эпостору “Алып-Манашта”, “Маадай-Карада” да ушундай алгачкы адамзаттык көөнө дүйнөтааным орун алган. Учурда мифология менен фольклордун катышы фольклор таануу илиминде түрдүү аспектиде такталууда.

Жалпылап алганда, алгачкы адамзаттык аң-сезим үчүн миф чыныгы нерсе, анда укмуштуулук жок. Мифтен элдик эпоско өтүү жолунда байланыштын мазмуну өзгөрө баштайт, жогоруда белгилегендей, миф ыйык билим болсо, баатырдык эпос – эрдик тууралуу ыр. Кыргыз жана алтай эпосторунда ушул эле башат бирдей сакталгандыгы көрүнөт. Алардагы баатыр каармандардын образдары чыгармалардын оозеки табиятына ылайык кийинки доорлордо улам толукталып олтурган. Эпостордогу мифологиялык персонаждар чыгармалардын архаикалык өзөгүн ачуучу негизги элементтер катары каралат.

Байыркы доорлордун тереңинде мифологиялык түшүнүктөр дүйнө таанымдын алгачкы формасы болуп, дүйнөнүн бүтүн бир түшүнүгүн туюнтуп турган жана ал туюнууда практикалык, илимий, көркөм таанымдар али бири-биринен бөлүнө элек болгондугун фольклордук материалдар, алардын ичинде элдик эпостор тастыктап турат. Эпос баяндаган окуялар мурдагы доорлорго таандык. Маселен алтай эпосу “Маадай-Карада” байыркы доордогу баатырдын портрети төмөндөгүчө сыпатталат [9]:

Суу елбистен ады бүткен – кара-калтар,
Туу елбистен бойы бүткен – Маадай-Кара.

Ал эми кыргыз эпосу “Эр Төштүктө” буга үндөш төмөнкүдөй ушул сыяктуу эле портреттик мунөздөмө кездешет [10]:

Оң далың опсуз кең кылган, Төштүк,
Жараткан сүйүп шер кылган, Төштүк,
Жалпы журтка эр кылган, Төштүк,
Тан, атар салкын бозумсуң, Төштүк.
Жаныма жакын досумсуң, Төштүк,
Алты айлык чөл көргөн, Төштүк,
Адам көрбөс жер көргөн, Төштүк...

Мындан көрүнүп тургандай эки элдин, кыргыз жана алтай элдеринин эпосторундагы баатырлардын портреттик сүрөттөмөлөрүндө алардын алптыгынан, өзгөчө баатырлыгынан кабар берген мүнөздөмөлөр орун алган.

Изилдөөдөн алынган натыйжалар. Изилдөөдө бир нече жаңы натыйжалар алынды:

1) азыркы фольклористикадагы актуалдуу багыттар аныкталып, өз ара салыштырылып берилди;

2) кыргыз-алтай фольклордук тектештиги боюнча бул багыттагы илимий изилдөөдө алардын орток тиологиясын ачуунун мааниси белгиленди;

3) кыргыз жана алтай элдерине тиешелүү оозеки чыгармачылык түзүмдөгү аналогиялуулуктун эпикалык табиятка байланыштуу себептери көрсөтүлдү.

Бул натыйжалар фольклористика үчүн маанилүү деп ойлойбуз. Кээ бир табылгалар тектеш фольклордук чыгармачылык жөнүндөгү гипотезанын такталышына аргументтелишине салым кошуу мүмкүнчүлүгү бар.

## Жыйынтыктар:

1. Азыркы фольклортаануудагы структуралык-салыштырма методологияны колдонуу менен кыргыз жана алтай элдеринин фольклорундагы жанрларды, анын ичинен эпосторун иликтөөлөрдү алып баруу жакшы натыйжаларды берет;

2. Элдик оозеки чыгармачылыкты илимий изилдөө иштеринин аталган эки элдеги жалпы тематикалык пландары кеңейтилип каралуусу, тереңдетилиши учурда маанилүү;

3. Жаш окумуштууларга илимий экспедицияларга чыгууга, илимий иш сапарларга, эл аралык конференцияларга барууга шарт түзүлсө илимий иштердин сапаты кескин жогорулашына өбөлгө түзүлмөк.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Абдыракунов, Т.** Бабалардан калган сөз. Кыргыз фольклору жөнүндө макалалар [Тескт] / Т.Абдыракунов. – Ф.: Илим, 1981.- 6 б.
2. Алтай кай чөрчөктөр.– Туулуу-Алтай, 1985. – Т.1.- 5 б.
3. **Бартольд, В.В.** Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Тескт] / Түз. Ө. Караев. – Б.: Кыргызстан-Сорос, 1997. – 454 б.
4. **Жусупов, К.** Кыргыздардын байыркы маданияты (эзелки доордон XII кылымга чейин) [Тескт] / К.Жусупов. – Б.: Бийиктик, 2006. – 67 б.
5. **Кебекова, Б.** Кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы.- Ф.: Илим, 1985.-234 б.
6. **Кыдырбаева, Р.З.** Эпос “Манас”. Генезис. Поэтика. Сказительство [Тескт] / Р.З. Кыдырбаева. – Б.: Шам, 1996.- 393 б.
7. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки (Редакциялык коллегия: Ж.Таштемиров, С.Байходжоев, С.Закиров). - Ф.: Илим, 1973.-75 б.
8. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. 1-т. - Б.: Шам, 2004.- 27 б.
9. Маадай-Кара. Алтайский героический эпос. – М.: Наука, 1973.- 76 б.
10. Эр Төштүк. Эпос. “Эл адабияты” сериясы. II т. – Бишкек, 1996.-18 б.


DOI:10.54834/16945220_2022_2_119

Поступила в редакцию 10. 05. 2022 г.

**УДК 894.341:3398.91**

***Калмурзаева А.А.***
*к.ф.н., доцент Джалал-Абадского госуд. универ., Кыргызская Республика*
***Жолдошева А.К.***
*ст. преп. Ошского госуд. универ., Кыргызская Республика*
***Турдуева А.С.***
*мл. сотруд. центра лингвист. исслед.Ошского госуд. универ., Кыргызская Республика*

## КУТ ТҮШҮНҮГҮ КЫРГЫЗДЫН МЕНТАЛДЫК-ТИЛДИК ДҮЙНӨ СҮРӨТҮНДӨ

*Изилдөөнүн предмети катары кыргыздын когнитивдик тилдик дүйнө сүрөтүнүн элементи болгон кут концепти каралды. Изилдөөнүн максаты болуп кут сөзүнүн семантикасын, менталдык-тилдик касиеттерин, мазмундук түрлөрүн жана катмарларын бир бүтүндүк катары талдап чыгуу саналат. Макалада салыштыруу, сыпаттоо, анализ, жалпылоо методдору колдонулду. Изилдөөнүн жүрүшүндө бир нече жаңы натыйжалар алынды. Кут сөзүнүн негизги жана туунду, реалдуу жана ирреалдуу, түз жана өтмө, денотативдик жана коннотативдик, нейтралдуу жана экспрессивдүү маанилери аныкталды, бул маанилер кыргыздын улуттук менталдуулугунун зарыл түзүүчүлөрү катары мүнөздөлдү, мында сакралдык-мифтик семанын үстөмдүк кылышы көрсөтүлдү, концепттин когнитивдик-семантикалык мазмуну түркологиянын алкагында каралды. Бул жоболор теолингвистика, лингвокогнитология, этимология, лексикография үчүн баалуу. Келтирилген фактылар кыргыз тилин үйрөнүүчүлөр үчүн да зарыл материал боло алат. Бул изилдөө кыргыздын когнитивдик-тилдик дүйнө сүрөтүн кенен жана ар тараптан сыпаттоого мүмкүнчүлүк ачат.*

***Негизги сөздөр:*** *теолингвистика; Кудай; семасиология; концепт; түшүнүк; менталитет; сакралдык маани; этикеттик маани.*

## ПОНЯТИЕ КУТ В КЫРГЫЗСКОЙ МЕНТАЛЬНО-ЯЗЫКОВОЙ КАРТИНЕ МИРА

*В качестве предмета исследования выбран концепт кут, являющийся элементом кыргызской*

ментально-языковой картины мира. Статья ставит своей целью проанализировать семантику, когнитивно-языковые свойства, содержательные типы и слои данного концепта как целостное единство. В работе используются методы сравнения, описания, анализа и обобщения. В процессе исследования получены некоторые новые научные результаты. Определены первичные и производные, реальные и ирреальные, прямые и переносные, денотативные и коннотативные, нейтральные и экспрессивные значения лексемы кут, которые вместе составляют важный компонент кыргызской этнической ментальности. Показана преобладающая роль сакрально-мифической семы в этой системе значений. Когнитивно-семантическое содержание концепта рассматривается в контексте тюркологии. Эти положения необходимы для теолингвистики, лингвокогнитологии, этимологии и лексикографии. Соответствующие факты могут быть полезными для преподавания кыргызского языка в иноязычной аудитории. Данное исследование открывает возможность для широкого и всестороннего описания кыргызской когнитивно-языковой картины мира.

***Ключевые слова:*** *теолингвистика; Бог; семиотика; концепт; понятие; менталитет; сакральный смысл; этикет.*

## THE CONCEPT KUT IN THE KYRGYZ MENTAL-LINGUISTIC PICTURE OF THE WORLD

*The concept kut, which is an element of the Kyrgyz mental-linguistic picture of the world, was chosen as the subject of research. The article aims to analyze the semantics, linguistic properties, content types and layers of this concept as an integral unity. It uses methods of comparison, description, analysis and generalization. In the process of research, some new scientific results were obtained. Primary and derivative, real and irreal, direct and figurative, denotative and connotative, neutral and expressive meanings of the lexeme kut, which together form an important component of the Kyrgyz ethnic mentality, are determined. The predominant role of the sacral-mythical seme in this system of meanings is shown. The cognitive-semantic content of the concept is considered in the context of Turkic studies. These provisions are necessary for theolinguistics, linguocognitology, etymology and lexicography. Relevant facts can be useful for teaching the Kyrgyz language to a foreign language audience. This study opens up an opportunity for a broad and comprehensive description of the Kyrgyz cognitive-linguistic picture of the world.*

***Key words:*** *the olinguistics; God; semiotics; concept; notion; mentality; sacred meaning; etiquette.*

**Киришүү**. Макала теолингвистика менен лингвопаремиологиянын алкагында даярдалды. Анын темасын тандоого көптөгөн факторлор себеп болду: а) кыргыз тил илиминде теологиялык лексика менен паремиялардын каралбай жаткандыгы; б) *кут* сөзүнүн менталдык-семантикалык касиеттеринин изилденбей келиши; в) *кут* түшүнүгүнүн этностук когнитивдик-тилдик дүйнө сүрөтүндөгү ордунун аныктала электиги – аталган маселеге кайрылуунун негизги жүйөөлөрү.

Теологиялык концепттердин репрезентативдери өтө эле көп. Аларды каттоо, топтоштуруу, когнитивдик-тилдик аспектте талдап чыгуу кыйла күчтү, убакытты талап кылат.

Лингвокогнитивдик өңүттө биз теолексиканын бир нече топторун карасак болмок. Буларга: 1) дин субъектилеринин аттары: *пайгамбар, молдо, эшен, сопу, даватчы, азанчы...;* 2) диний ритуалдардын номинанттары: *намаз, орозо, жаназа, ажылык, умра...;* 3) ыйык жерлер, мейкиндиктер: *Мекке, Медина, мечит, мазар, жайкана (мүрзө), бу (жалган) дүйнө, о (тигил) дүйнө, бейиш,жаннат, тозок...;* 4) аракеттер: *табынуу, сыйынуу, ыйык тутуу, келме келтирүү, бата берүү, даарат алуу, курмандык берүү, зекет берүү, зыярат кылуу ж.б.у.с. кирет*. Бул сөздөр мусулманчылыкка гана тиешелүү. Башка диндердин тилдик материалдарына кайрылган жокпуз. Биз төмөндө изилдөө объектисин тарыраак эле алып, кут сөзүнүн кыргыз тилинин провербиалдык мейкиндигиндеги ордун, когнитивдик-тилдик кызматын көргөзүүгө аракет жасайбыз.

Темага түздөн-түз киришүүдөн алдын элибиздин эзелки менталитетине, дүйнө таанымына, ишенимдерине бир аз кайрылабыз. Элдик мурунку көз караш эпосто кенен берилген.“-Манас” эпосунда элдин исламга чейинки диний түшүнүктөрү, мусулманчылыкка чейинки сыйынуулары жана ишенимдери, тотемизмдин элементтери чагылдырылган. Ата-бабалардын арбактарына, эски дарактарга, үңкүрлөргө, Күнгө, Айга, отко, сууга, шамалга сыйынуу, жаныбарлардын пирлерин таанып билүү (Камбар-Ата, Чолпон-Ата, Ойсул-Ата, Кайберен жана башка) кыргыздардын менталдык аң-сезиминде ислам динине чейинки түшүнүктөрдүн ушул

күнгө чейин сакталып калгандыгы айгинелейт.

Кыргыз этикетинде, улуттук өкүлдөрүнүн пикир алмашуусунда кеңири колдонулган *Кут болсун, Куттуу үйдөн кур чыкпа/ чыкпайт, Кут консун* деген сыяктуу касиеттүү тилек сөздөр да кутка болгон сыйынуу, анын касиетине бекем ишенүүдөн келип чыккан. Куту бар адам, үй-бүлө аны аздектеп сактап, куттун касиетин кетирбөөгө, өздөрүн аруу, таза алып жүрүүгө аракеттенип жүрүшкөн. Кут кармоо, кут тутунуу ар бир үй-бүлөнүн эң чоң купуялыгы, купуя сыры болгон, кут ашкерееленип калса, же “куттуу” адам же үй-бүлө кандайдыр бир жаман иштерди кылса кут кубулат, кут касиетин жоёт деген ишеним болгон. Кут тууралуу айтылган кыргыз мифтери, уламыштары абдан көп болуп, кут чыныгы реалдуу зат эмес, наристе элестетип чыгарган рухий азык, рухий топук катары эсептелет. Биз бул жерге кут сөзүнүн сакралдык-мифтик, этнопсихологиялык мааниси жөнүндө сөз кылдык.

*Кут* түшүнүгү ар түрдүү булактарда учурайт. Анын маани-маңызы, этностун менталитетинде туруктуу мүнөзгө өтүп калган мазмуну провербиалдык мейкиндикте кенен чечмеленет, лексикографиялык, энциклопедиялык, этнографиялык эмгектерде ар тараптан түшүндүрүлөт.

Материалдар жана методдор. Макаланын материалдары сөздүктөрдөн, сүйлөшүү кебинен, көркөм адабияттардан, макал-лакаптардын жыйнактарынан, прессадан алынды. Буларды изилдөө семантикалык талдоо, контексттик анализ, салыштырып сыпаттоо, жалпылоо методдорунун жардамы менен жүргүзүлдү.

*Кут* лексемасынын сөздүктөрдөгү маанилик аныктамалары окшош, бирок саны, сапаты ар түрдүү. Мисалы, “Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө” ал сөздүн семалары үч пунктта берилсе [1], К.К. Юдахин аларды алты түргө бөлөт [2]. Ошентип, *кут* сөзү кыргыз тилинде полисемиялык лексема катары белгиленет. Анын маанилерин сыпаттап берүүгө болот.

1. Үйдүн түндүгүнөн коломтого түшкөн жана аны алган кишиге бакыт-таалай, түбөлүк жыргалчылык берүүчү кочкул кызыл түстөгү кичинекей килкилдек зат (элдик ишеним боюнча мындай нерсени күнөөсү жок, таза жүргөн киши гана алып, анын колуна тиер замат катып алууга тийиш; эгерде ниети бузук, күнөөкөр адам алса, ал тезекке айланып, кубулуп кетет) куттун мындай сүрөттөлүшү Манастын же Чынгызхандын төрөлгөндө муштумуна уюган канды уучтай түшкөнүнө окшошуп кетет. Мисалдар: *Чын касиет **кут** түшүп, чыктың окшойт жолуман (фольк.); Кээ бир кудай сүйгөн үйдүн төбөсүнөн **кут** түшөт (“Ала-Тоо”).* Аксакалдар бата бергенде да **кут** сөзү кошо айтылган: *Таңың азандуу, очогуң казандуу болсун. Түндүгүңдөн **кут** куюлсун, дасторконуңа бүт жыйылсын! Оомийин!*

2. Адамды жана малды коргоочу тумар (адамдын калай же коргошундан жасалып, көк жана кызыл чүпүрөк кийгизилген сөлөкөтү, айкелчеси; кутту тунук сууга жууп, анын суусун малга-жанга сепкен)

3. Кудайча, калмактардын кичинекей буту (идиол); кудайдын кичинекей сүрөтү, элеси: ***Кутун** салып койнуна, мылтыгын салып мойнуна (фольк.);*

4. Жашоого дем берген күч, рух, жан дүйнө: ***кутум** учту; кутун учур; Атын атаса **куту** сүйүнөт, **куту** сүйүнсө киши сүйүнөт; Жакшыга жут жок, жаманга **кут** жок; Бак бир келет, **кут** бир конот. Ал эми кутуруу “айнуу, бузулуу, чээнден чыгуу, кыйынсуу” сөзү кут ур (ду)* “рух (арбак) ур (ду)” сөз айкашынан келип чыгышы ыктымал.

5. Бакыт, таалай, жыргалчылык, береке: *Кыз, жигит куруп селкинчек, **Кут** кетпесин элиңден* (Үмөталиев). *Үй/ келин/ куда... **кут** болсун* “бактылуу, таалайлуу болсун, буюрсун” деп куттуктоо, тилек, алкыш маанисинде айтылуучу сөз. *Сапарыңар **кут** болсун, Жапар балам!* (Бөкөнбаев). *Таалай жолуң **кут** болсун!* (Аалы). *– О, садагаң Мендирман, **Кут** болсун Каныш өзүңө!* (“Мендирман”); ***куту** учуу* “үрөйү учуу, аябай коркуу”, ***куту** качуу* “жүдөө, азып-тозуу, жакырлануу, жапаа чегүү”; *конок – кут* “конок – жакшылык (жышааны)”; *конок бир консокут, эки консо жут*; *келишиң кут болсун! кадамыңыз кут болсун! сапарыңар кут болсун! жолугушканыңар кут болуп, жолуңар жарык болсун!* (сапарга, жолго чыгуучуларга берилген бата); *конуш кутболсун! айткандарың кут болсун! куту качып калды; куту кетти; элдин куту колдоп, бийик даражага жеттиң; Аккула сизге кут болсун!* (фольк. “ат эми сиздики” деген мааниде); *Сарала мага кут болсун!* (фольк.); *кут күткөн күн; кудай кут кылсын!* Демек, кыргыздын менталдуулугунда, этикетинде, башкалар менен мамилени, карым-катнашты жөндөөдө кут-

туктоо салты өтө чоң мааниге ээ.

*Кут* түшүнүгү хандардын, кагандардын бийлигин легитимдештирүү жөрөлгөсүндө да колдонулуп келген. Башкаруучу топтор *кутту* “менчиктештирип” алышкан, алар өздөрүн Асман менен Жердин ортосундагы ортомчу катары сезишип, бардык адамдар жана тирүү жандар үчүн бакыттын булагы сыяктуу эсептешкен. Аларды кайсы бир аймакка жасаган сапарынан кийин ал жерде төрөттүн, түшүмдүүлүктүн саны жогорулаган деп ак сарайдын жасакер-кошоматчылары маалыматтарды да таратып турушкан. Эгер бирөөгө Асмандан кут келбесе, ага Жерден *кыб* деп аталган “ырыскы-береке” келип турган. Каганат мезгилинде түрктөр Асмандан келген “ырыскы-берекеге” (кут) талаптанышса, ал эми кыргыздар Жерден чыккан “ырыскы-берекеге” (кыб) талаптанышкан. Кыргыздагы кыпчак уруусунун аты ушул *кыб* сөзү менен байланышкан болушу мүмкүн.

6. “Куттуу” деген мааниде: *таксыр каным аманбы? алтын тагыңыз **кут** болсун!* (фольк.); *жоруган түшүм **кут** болсун!*

7. *Кут* “Алтын Казык” маанисинде: *Кут (Кут Жылдыз)* “Алтын Казык жылдызы”, *Кут жылдызы бет алып* (фольк.); *кут* сөзү араб тилинде да ушул эле мааниде; арабча *кутбе* “түндүк (түштүктүн каршысы)”; *Алтын Казык/ Кутпа жылдызы*.

8. Түндүк (тагыраак: *кут жак* же *кут тарап*): *Күн жүрүштө коосу бар, **кут жагында** көлү бар* (фольк.); *Эки көзүн ирмебей **кутба тарапты** карап кадалат* (К. Жантөшев). Мында - “түндүк жак”.

Ошентип, кыргызча *кут* сөзү ой-тил казынабызда “бутактуу” маанилерди туюнтуучу зарыл когнитивдик-лексикалык элемент катары кызмат кылып жатат.

*Кут* сөзү байыркы түрк эстеликтеринде да учурайт. Анда ал көп мааниге ээ болуп, полисемиялык лексема катары колдонулат. Айрым мисалдарды келтирели [3].

1. Рух, жан, жашоо деми/күчү: *мен сеңа башумны, кутумны бера мен* “Мен сага башымды, жанымды берем”.

2. Элемент, түзүм: *грахы санычар ол **куты** сув* “Анын планетасы (ээси) – Сатурн; анын түзүмү - суу”.

3. Бакыт, жакшылык, жыргал; ийгилик, оң келгендик, бактылуу тагдыр, үлүш: *тебратүк саюу **кут** келир* “бардык ишинде ийгилик келет”; *коркма темиш **кут** бергай* мен темиш “Коркпо” – деди,“Бакыт берем” – деди.

4. Татыктуулук, улуктук, улуулук: *каган **куты** тапды эринч* “Кандын улуктугун сыйлашпады”.

5. Чыныгы, ыйык жыргалда болуу: *ол номуг эшитип алку низваниларыг таркарып архант **кутыңа** тегды* “Ал ошол окууну угуп, кызуучулугун басып, ыйык жыргалга жетти”.

6. Дериваттары, туунду формалары:

1) жашоо күчүнө ээ, жашоо демин берүүчү (адъектив): *үгриңа **кутлуг** адгыр мен* “үйүрүңө куттуу айгырмын”;

2) элементтүү, түзүмдүү: *топрак **кутлуг** тоңуз күн ол* “бул жер түзүмү (элементи) доңуз күнү”;

3) бактылуу, бакыт берчү, ийгиликтүү, оңтойлуу: *кышка этин, келса калы **кутлуг** йай* “кышка камын, бакыт берчү жай келсе”;

4) бактылуу (адам): ***кутлугка** коша ягар* “бактылууга кошо (эки эсе) жагат”;

5) ыйык, мол: ***кутлуг** орунлар* “ыйык орундар” ж.б.

Башка тектеш тилдерде да *кут* сөзү учурайт: алт. *кут* “түйүлдүк (жатындагы), жашоо деми/күчү; рух, жан”, түркчө *кут* “бакыт, жакшылык, жакшы жышаан”, чув. *кат/хат* “рух, жан; бакыт; тыкандык, тазалык, сулуулук, коздук; пайда, киреше” ж.б. (караңыз: монг. *кутуг* “бакыт, ыйыктык”, маньч. *хуту* “арбак, рух”, эвенк. *куту* “бакыт”, кор. *кут* “сыйкыр, сыйкырлык” ж.б.) [4].

Бул сөздүн таркоо ареалы, демек, өтө эле кенен. Ал сөз бүткүл алтай лингвоэтномаданий мейкиндигинде учурайт.

Азыркы казак тилине кайрылып, анда бул сөздүн түрдүү маанилерге ээ экендигин байкоого болот. Бул тилде ал “бакыт, жыргал, байлык, молчулук, кеңиричилик, бак-дөөлөт, ырыс-ке-

шик, үлүш; түйүлдүк, башат, жашоо күчү/деми” семаларын бере алат [3]. *Кут сөзү* казактын паремияларында да көп кездешет: ***Кут*** *төрден кирсе, жут эшиктен шыгады* “Кут төрдөн кирсе, жут эшиктен чыгат”. Татаал сүйлөмдүн эки бөлүгү карама-каршы мааниде. Аны түзгөн сөздөр дагы – антонимдер: *кут – жут, төр – эшик, кир- - чык- (кирет - чыгат):* Казакча кутпан айгыр идиомасын “уруктандыруучу айгыр, байытуучу” деп түшүнүүгө болот. Ал эми *бауры кутсыз* “боору кутсуз (сөзмө-сөз), туубас, төрөбөс, куу жатын” идиомасында да *кут* сөзүндөгү “түйүлдүк, түйүлдүк жаратуучу, тукум кармоочу” маанилеринин эпкинин көрүүгө болот.

Байыркы түрк тилдериндегидей эле адъективдик формадагы *кутты, кутсыз* казакча сөздөрү макалдын ичинде “кутка ээ (киши)”, “куту жок (киши)” маанилеринде колдонушат: *Кутты конак келсе, кой егиз табады, кутсыз конак келсе, койга каскыр шабады* “Куттуу конок келсе, кой эгиз табат, кутсуз конок келсе, койго карышкыр чабат”. Бул эки тилдеги бирдей накыл кеп. Мындагы негизги ой эки анжы мааниде колдонулат: куту бар конок жакшылык, сүйүнүч алып келет, куту жок конок кырсык, чыгым алып келет. Бул элдик ишеним-жоромол.

Ушундай эле маанилер алтай тилиндеги *кут* сөзүнө да таандык: *куту чыкты* “жаны чыкты, коркуп кетти”, *куту учту* “үрөйү учту”, *кутын алды* “үрөйүн учурду, коркутту” ж.б. [4].

Кут – ыйык түшүнүк. Ал жалгыз бир адам үчүн да, бүтүндөй эл үчүн да, адамзат үчүн да кандайдыр бир оңтойлуулукту, ыңгайлуулукту жаратат, табиятка да, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө да шарт түзүп берет. Бул түшүнүк көчмөндөрдүн ой жүгүртүүсүнүн өзгөчө бир башкача типке ээ экендигин көрсөтүп турат, мында адам курчап турган чөйрөнүн бир бөлүгү болуп саналат, жер системасынын бүтүндүгүн туюнтат. Ошол эле учурда башка маданияттарда, мисалы европоцентристтик көз караштарда, моралдуулук, нравалуулук негизинен адамдар ортосундагы мамилелерде кармалып турат.

Адамдын мындай моралдык сапаттарын жана этикасын табияттын жардамы менен колдоо абдан маанилүү чечим болуп саналат. Ишенүүгө же ишенбей коюуга мүмкүн болгон Кудайдан жана динден айырмаланып, курчап турган чөйрөнүн системасынын буга кирген адам менен бүтүндүгүн аңдап түшүнүү туура аракет кылганга мүмкүндүк берет. Кут – бул адам аралык гана мамиле эмес, адамдардын табият менен да болгон биримдиги, тилектештиги. Ата-бабаларыбыз көчмөндүктү, көчмөн турмушту Ааламдын бир тарабы, бир эпкини катары, адам менен табияттын толкундарынын жана ритмдеринин дал келүүсү, адам менен табияттын биргелешкен жаралуусу катары карашкан [5]. Кыргыз менталитетинин бул элементтери провербиалдык мейкиндикте кенен репрезентацияланат [6-8]. Айрым мисалдарга кайрылалы.

*Кут урсун* (“Ылайым жараткан / жакшылык урсун / өлтүрсүн” маанисин берген каргыш) фразеологизми – кыргыз элинин өтө жаман, ашкан душманына берген каргыш сөздөрүнүн бири. Аталган фразеологизм кийинчерээк редукцияланып, *кутуруу* деген татаал сөзгө айланып кеткен. Карагыла: *Канча бут кирсе, ошончо* ***кут*** *кирет.* Кыргыз тилинде *бут* “жасалма кудай, сүрөт” жана *бут* “дене бөлүгү” омонимдер болуп саналат. Биринчи сөз *кут* сөзү менен маанилеш, биздин ата-бабалар буддизмге тиешеси болгондугун же калмактар, монголдор жана ушул диндин башка салттуу өкүлдөрү менен тыгыз байланышты кармап келгендигин күбөлөндүрөт [5]**.**

*Кут түшүү* – бул Алла Тааланын амири менен асмандан ырыс-таалай катары жорула турган, көзгө көрүнгөн сырдуу оң жышаана. Ал тоголоктошкон курттай, же уюган жууратай, же жуурулган камырдай агыш түстө келип, айрым адамдарга гана көрүнгөн. Анын кут экенин билбей, ордунан козгоп, же күбүп, силкип жууп, тепсеп коюу аркылуу ал жерден кутту качырып жиберүүгө болот дешкен. *Куту качты* учкул сөзү “бакыт-таалайды колдон учуруу” дегенди түшүндүрөт [5]: *Бак бир келет, кут бир конот; Бак карабай, Кыдыр да даарыбайт; Бакыт-кут – өзгөрүлмө, учса – конбойт; Кут бир келет – бакпасаң, кетип калат, Бак бир конот – үйлөсөң, өчүп калат; Бактылууну Бак карайт да, Кыдыр даарыйт; Куттуу үйдөн кур чыкпа; Баатыр – орток, кут – жалгыз*. Бул накыл сөздөрдө кыргыз менталдуулугунун сырдуу күчтөргө, ыйык заттарга өзгөчө мамиле кылуусун, аларга ишенүүсүн, алардан дем, кудурет алып туруусун анын улуттук бөтөнчөлүгү катары баалоого арзыйт.

Кыргыз менталитетинде, деги эле эл арасында кут аялдар менен символдошуп, макал-лакаптарда аял жана кут сөздөрү бир сүйлөмдүн ичинде чогуу, ырыскы-молчулукту билдирген,

бак-таалайды алып жүргөн берекенин аталыштары катары абдан арбын кездешет. Мисалы, *Аял – аркандалуу кут, эркек – ээр-токумдуу ат; Аял – үйдүн куту, эркектин буту; Жакшы катын – үйдүн куту, жаман катын – үйдүн жуту; Жакшы ургаачынын колунда куту, койнунда ырысы толо; Жаман катын кутуңду курутат, жаман чыккан бала өмүр соолутат; Кудагыйдын куту бар,куйругунда жыты бар; Катыны өлгөн адамдын куту кетет үйүнөн, куну кетет төрүнөн; Келин келгенде кут алып келет, же жут алып келет* ж.б. Булардын баарында аялзатына жогорку баа берилип, бакыт-таалай, береке, ырыс-кешик, кеңиричилик, молчулук, ынтымакчылык анын үйдөгү ролу менен, үй-бүлөдөгү кызматы менен түздөн-түз байланыштырылат.

А.Акматалиев кут жөнүндө: “Кут – табияттын бир табышмактуу белгиси. Кудай-тааланын шыбагасы. Ошондуктан мыкты нерселерди ошого символдоштурабыз. Мисалы, “Ал – ошол үйдүн куту”, “Ал жерден кут качты” – деп жазат [9]. Кыргыз тарыхы менен маданиятын илимий денгээлде изилдей баштаган алгачкы окумуштуулар Ч. Валиханов, С.М.Абрамзон, В.В.Бартольд, А.Н.Бернштам ж.б. окумуштуулар адегенде улуттук маданияттын сырткы формасын: меймандостук, кең пейилдик, улууну урматтоо сыяктуу сапаттарды көрүшүп, алар ачык байкалган сырткы бөтөнчөлүктөргө көңүл бөлгөнү байкалат: “Меймандостук ар бир кыргыздын ыйык милдетин болуп саналат... Бул эл – өзүнүн ак ниеттүүлүгү, чынчылдыгы менен айырмаланган Орто Азия көчмөн элдеринин ичинде өзгөчө кубандырган кубулуш” [10]. А.Акматалиевдиною боюнча, кыргыздар кут түшүнүгүнүн алкагына конокту, карыяны, баланы, сөз төрөсү болгон ырды аздектөөнү, берекенин, молчулук-кененчиликтин, токчулуктун символу болгон казан-аякты, жеке чарбасындагы малын да кошкон жана аларды өз макал-лакаптарында чагылдырып кеткен: А. *Үйдүн чоңу – жут, казандын чоңу – кут;* Б. *Жакшы келсе – кут, жаман келсе – жут;* В. *Жакшыга жут жок, жаманга кут жок; Жаман тууган элге жут, жаман уул элге жут;* Г. *Карыялар үйдө – кут, кара бороон болсо – жут;* Д. *Желге жел кошулса – жут, элге эл кошулса – кут;* Е. *Конок – үйдүн куту;* Ж. *Куттуу конок келсе, кой эгиз табат, кутсуз конок келсе, койго карышкыр чабат;* З. *Үйгө бут кирсе – кут кирет;* И. *Үйгө канча бут кирсе, кут ошончо;* К. *Бир конгон конок кут, эки консо күт, үч консо жут;* Л. *Жылкынын куту жалында.* М. *Аарынын куту балында;* Н. *Ит ырысы менен, куш куту менен;* О. *Кары – үйдүн куту;* П. *Улууну урматтасаң кут коноор;* Р. *Ырда сөздүн куту бар;* С. *Балалуу үй – күлкүнүн куту, баласыз үй – кубанычтын жуту* ж.б. [9]. Бул элдик афоризмдерде элибиздин ыйык кут түшүнүгүнө, анын артындагы сырдуу күчкө карата мамилеси, анын адамдарга дем-күч берүү кудрети, береке-пейиз жеткирүүчү касиети, ызат-сый, ырыскы алып келүүчү дареmети, сүйүнүч-курсанчылык жаратуучу мүмкүнчүлүгү ынанымдуу, ишенимдүү аталып, элдик тажрыйба, насыйкат, насаат катарында ачылып берилген. Атап айтсак, кут деп чоң казан толо оокат (А), жакшы, ынсаптуу коноктун келиши (Б,В), көптү көргөн даанышман карыялардын болушу (Г, О), улууну урматтоо (П), элдердин ынтымакчылыгы, биримдиги (Д), коноктун, коноктордун келиши (Е, З, И), балалуулук, үйдө балдардын болушу (С) айтылат. Бул позитивдүү көрүнүштөр – куттун жышаанасы. Айрым учкул сөздөрдө *кут* “өзгөчө баалуулук, өтө керектүүлүк” катары аныкталат. Кут катары ырдагы көркөм сөздү (Р), аарынын балын (М), жылкынын жалын (Л), куштун олжосун (Н) атоого болот. Бирок элдин көз карашында бул жакшылыктар артык баш болуп кетсе, көбөйүп кетсе, анда адам үчүн кут өзүнүн күчүн жоготуп коет. Муну, мисалы, коноктоого байланыштуу кыргыздын менталитети катуу сындайт: *Бир конгон конок кут, эки консо күт, үч консо жут* (К). Кыргыз үйдөгү берекени, сүйүнүчтүү окуяны коноктун жолу менен, куту менен байланыштырат (Ж). Акыркы мисалдын когнитивдик-семантикалык, конструктивдик-синтаксистик түзүлүшүн схемаларга өткөрүп салыштырып көрөлү.

1. Бул макалдын бөлүктөрү параллелдүүлүк кубулушуна баш иет:

*Кут-туу конок кел-се, кой эгиз таб-а-т,*

*Кут-суз конок кел-се, кой-го карышкыр чаб-а-т.*

Уңгуга уңгу, мүчөгө мүчө, сөзгө сөз, затка зат, сынга сын, этишке этиш, ээге ээ, баяндоочко баяндооч, аныктоочко аныктооч шайкештикти түзүп турат. Мында *-туу*, *-суз* мүчөлөрү антонимдик катышта, *-го* мүчөсүнүн түгөйү жок, толуктоочко (*эгиз*) ээ (*карышкыр*) туура келет,

ээге (*кой*) толуктооч (*койго*) – шерик. Параллелизм бир жерде гана бузулган.

2. Талаал сүйлөмдүн өзөккү сөздөрү – *куттуу конок* жана *кутсуз конок*, калган бөлүктөрү конок *кут-туубу* же *кут-сузбу* – ушуга багынат. Ошондуктан анын менталдык-семантикалык моделинин борборун ушул эки сөз түзөт.

Каралып жаткан макалдардын көпчүлүгүндө *кут сөзүнүн* көркөмдүк, уйкаштык түгөйү, антоними катары *жут* сөзү иштеген. К.К.Юдахиндин сөздүгүндө *жут* "малдын тоюттун жетишсиздигинен өтө көп кырылуусу" [2] деп түшүндүрүлгөн. Жут – бул ачарчылык, убагында малдын гана эмес, адамдардын да кырылуусуна алып келген кырсык, балээ. Бул макалдарды талдоо менен биз кыргыз эл макалдарынын басымдуу көпчүлүгү антитезага негизделип, карама-каршы маанилердеги сөздөр аркылуу уюшулаарын дагы бир ирет ырастап кетебиз. Макалдардагы каршылаш маанилердин колдонулушун, келип чыгыш себептерин, түзүлүш өзгөчөлүктөрүн талдап отуруп, *кут* жана *жут* сөздөрүнүн макалдардын тутумунда көп санда колдонулаарына, биз жашап жаткан дүйнөнүн өзү карама-каршылыктардан турарына, күн болгон жерде түн, өмүр болгон жерде өлүм, жакшы болгон жерде жаман, ак болгон жерде кара болоруна, албетте, диалектиканын универсалдуу мыйзамы себепкер. Булар бири-бирине карата гана аныкталат. Жашоонун ушул мыйзамынын аксиома катары айтылышы макалдардын да энчисине буюрган. Ошондуктан элдик нуска сөздөрдө мамилелердин, мүнөздөрдүн, жүрүм-турумдардын, көз караштардын карама-каршылыктары, бирине экинчиси окшошпоосу көптөгөн типтүү антитезалар аркылуу берилет.

## Жыйынтыктар:

1. Кут түшүнүгү – кыргыздын менталдык-тилдик дүйнө сүрөтүнө терең жайгашып, улуттук эстутумуна туруктуу орношуп калган когнитивдик элемент;

2. Ал байыркы түрк жазма эстеликтеринде, башка тектеш тилдерде да учурайт. *Кут* сөзү *Кудай* лексемасы менен уңгулаш болушу мүмкүн;

3. *Кут* сөзүндө диний, сакралдык-мифтик, этикеттик-психологиялык, моралдык-нравалык семалар үстөмдүк кылат;

4. *Кут* сөзүнүн баштапкы маанилери эскирип, колдонуудан оолактап, жаш муундун өкүлдөрүнүн эстутумунан четтеп бара жатат.

### Колдонулган адабияттар:


1. **Абдувалиев, И.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Биринчи бөлүк [Текст] / [И. Абдувалиев, А. Акматалиев, А. Кадырмамбетова ж.б.] – Б.: Салам, 2016. – 602 б.
2. **Юдахин, К.К.** Киргизско-русский словарь [Текст] / К.К. Юдахин. – М.: Современная энциклопедия, 1965. – 270 с.
3. Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Пратюркский язык-основа. Картина мира пратюркского этноса по данным языка / ред. Э.Р. Тенишев. – М.: Наука, 2006. – С. 592 - 595.
4. Этимологический словарь тюркских языков: общетюркские и межтюркские основы на букву Қ [Текст] / Отв. ред. А.В. Дыбо. – М.: Наука, 2000. – С. 176 - 177.
5. **Молдобаев, И.Б.** Эпос "Манас" как источник изучения духовной культуры киргизского народа [Текст] / И.Б. Молдобаев. – Ф.: Илим, 1989. – С. 65 - 69.
6. **Зулпукаров, К.З.** Инвариантность в прономинальной и провербиальной парадигмах языка [Текст] / [К.З. Зулпукаров, М.А. Атакулова, Д.Т.Айылчиева, А.А. Джусупова].– Б.: Бийиктик, 2016. – С. 340-564.
7. **Зулпукаров, К.З.** Лингвопоэтика менен лингвопаремиологиянын орчундуу маселелери [Текст] / [К.З. Зулпукаров, С.Б.Эргешова, А.А.Абдулатов, У.Н.Камардинова ж.б.]– Б.: Бийиктик, 2018. – Б. 464 - 806.
8. **Зулпукаров, К.З.** Лингвистический антропоцентризм: проблемы, поиски и решения [Текст] / [К.З. Зулпукаров, Е.Н. Мурадымова, Р.К. Оморкеева, Г.Ж.Болотакунова ж.б.]– Б.: Бийиктик, 2019. – С. 295 - 614.
9. **Акматалиев, А.** Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] / А. Акматалиев. – Б.: Шам, 2000. – Б. 233-235.
10. Русские путешественники и исследователи о киргизах (под. ред. Б.В.Лунина). – Ф.: Илим, 1973. – 182 с.


DOI:10.54834/16945220_2022_2_123

Поступила в редакцию 10. 05. 2022 г.

**УДК 81`373.6**

***Эсенова Н.М***
*преп. Джалал-Абадского государственного университета, Кыргызская Республика*

## ЖЕР ЖАНА ЖАЙ СӨЗДӨРҮНҮН ТЕГИ ТУУРАЛУУ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары байыркы кытай тилиндеги жер жана анын чжай/жэ/жай/зай трансформаларынын негизинде кыргызча жер/жай сөздөрүнүн келип чыгыш жараяны каралган. Кыргыз тилиндеги жер, жай сөздөрүнө этимологиялык талдоо, кытай жана кыргыз номинанттарынын ортосундагы этимологиялык алаканы аныктоо максатында изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Жер, жай сөздөрүнүн тегин этимологиялык анализдин негизинде аныктоо үчүн салыштырма методу колдонулган. Кыргыз жана кытай тилдериндеги сөздөрүнүн семантикасы салыштырып, кыргызча сөз полисемантикалык өзгөчөлүктө болгондуктан, өзүнүн семантикалык парадигмасынын жакабелинде гана тар жана конкреттүү мааниге ээ кытай мууну менен байланышат деген гипотеза аныкталды. Салыштырылган тилдерде жер/жер баба уңгусу сакталып калган деген ой аныкталды. Компрессия жана ачык муун мыйзамынын таасири астында кытай тилиндеги жер сөзү чжай/жэ/жай/зай полисемантикалык ачык муундарына өзгөрүп кетет. Алардын маанилик курамы кыргыз тилиндеги жер/жай сөздөрүнүн мазмунуна дээрлик окшош деген жыйынтык далилденди. Макалада колдонулган салыштыруу ыкмасын сөздөрдүн келип чыгышын аныктоодо колдонуу сунушталат.*
***Негизги сөздөр:*** *жер; жай; кыргыз тили; кытай тили; семантика; этимология; номинанттар; трансформа; парадигма.*

## О ПРОИСХОЖДЕНИИ СЛОВ ЗЕМЛЯ И МЕСТО

*Предметом исследования является процесс происхождения кыргызских слов земля и место на основе древнекитайского жер/земля и его трансформации чжай/жэ/жай/зай. Целью исследования является проведение этимологического анализа слов жер, жай/земля, место в кыргызском языке для определения этимологического родства между китайскими и кыргызскими номинантами. Для определения происхождения слов земля/место был использован сравнительный метод на основе этимологического анализа. Сравнивая семантику слов в кыргызском и китайском языках, была выдвинута гипотеза о том, что кыргызское слово связано с китайским слогом, имеющим узкое и конкретное значение только в семантике своей семантической парадигмы, поскольку имеет полисемантический характер. В сопоставляемых языках выявлено представление о сохранении перворoдной основы жер/земля. Под влиянием компрессии и закона открытого слога китайское слово жер трансформируется в многозначные открытые слоги чжай/жэ/жай/зай. Доказано, что их симантическая структура практически аналогична содержанию слов жер,жай/земля, место в кыргызском языке. Использованный в статье сравнительный метод рекомендуется использовать в определении происхождения слов.*
***Ключевые слова:*** *земля; место; кыргызский язык; китайский язык; семантика; этимология; номинанты; трансформа; парадигма.*

## ON THE ORIGIN OF THE WORDS LAND AND PLACE

*The subject of this study is the process of origin of the Kyrgyz words land/place/house… on the basis of the ancient Chinese zher/land and its transformation zhai/zhe/zhai/zai. An etymological analysis of the words «zher, zhai/land, place» in the Kyrgyz language was carried out to determine the etymological relationship between the Chinese and Kyrgyz nominees. To determine the origin of the words land/place,a comparative method was used based on etymological analysis. Comparing the semantics of words in the Kyrgyz word is associated with the Chinese syllable, which has a narrow and specific meaning only in the semantics of its semantic paradigm, since it has a polysemantic character. In the compared languages,the idea of preserving the original basis zher/earth was revealed. Under the influence of compression and the law of the open syllable, the Chinese word zher is transformed intj polysemantic open syllables zhai/zhe/zhai/zai. It is proved that their semantic structure is practically similar to the content of the words zher,zhai/land, place in the Kyrgyz language. The comparative method used in the article is recommended for determining the origin of words.*
***Key words:*** *land; place; Kyrgyz language; Chinese language; semantics; etymology; nominees; transform; paradigm.*

Байыркы кытай тилинде *-р* менен аяктаган көптөгөн сөздөр болгондугу белгилүү. Өзүнүн тарыхый калыптануу доорунда бул тыбыштын муундун акыркы бөлүгүнөн түшүп калуусу

ачык муундун жабык муунга айлануусун шарттаган [1, 2, 3].

Кытай сөздөрүндөгү *-р* акыркы тыбышы бардык эле учурларда түшүп калбашын, кээде сакталып калуусун белгилеп коюу зарыл. Мындай учурда кыргыз-кытай жалпы сөздөрү финалдык бөлүктөрү боюнча жакындашып кетет. Мисалы, *жер-/йер-* баштапкы үнсүз тыбыштары алмашып туруучу *бу жерде/буйерде/биерде* сөздөрүндө кезигүүчү кыргыз уңгусу (*й-* менен башталган формасы татаал сөздөрдүн курамындагы интерпозицияда колдонулат, ал эми башында *ж-* тыбышы турган формасы – өз алдынча сөздөрдө) кытай тилинде жер «мында, бул жерде, ушул жайда» түрүндөгү аналогго ээ. Эки тилдеги салыштырылып жаткан сөздөр жалпы фонетикалык турпатка жана жакын мааниге ээ. Кытайча муундун мааниси абстракттуу, эгоборбордук мүнөздө жана сүйлөп жаткан жактын позициясын чагылдырат. Ал эми кыргызча *жер* сөзү полисемантикалуу жана көп сандагы маанилерди өзүнө камтыйт: «чекит, адамдын органы, сызык, тилке, жер, топурак, грунт, участок, бөлүк, көр, мүрзө, бейит, жай, территория/кандайдыр бир мамлекетке караштуу жер, колдонуу чөйрөсү, жак, жээк, жердин бети, жалпактык, тегиздик, мейкиндик (асманга каршы коюлган), калктуу пункт, аймак, өлкө, Жер, реалдуулук, жүйөлүү маани, жалган дүйнө, чын дүйнө» ж.б. Бул тизмеде аталган сөздүн көбүрөөк белгилүү жана өнүмдүү маанилери берилди. Алардын айрымдарын конкреттүү мисалдарда көрсөтөбүз: *чеккен* ***жер****им кычышып жатат, Азия менен Европа чектешкен* ***жер****, маркумду* ***жер****ге беришти, ал кай****жер****ден болот – Таластанбы, Нарынданбы?* ж.б. Келип чыгуусу боюнча кытайча *zhèr* «мында, ушул жерде, бул жайда» кыргыз тилиндеги *жер* сөзү менен байланыштуу. Кытай муунунун прономиналдык мүнөзүн белгилеп коюу зарыл: анын мааниси эгоборбордук өзгөчөлүккө ээ, сүйлөөчүнүн позициясын жана көрүүсүн чагылдырат. Сүйлөөчү жак гана предметтин жайгашкан ордун жана окуя жүз берген жайды аныктайт. Мааниси боюнча бул муун кыргыз тилиндеги *жер* сөзүнүн орун багыныңкы татаал сүйлөмдөрдөгү ат атоочтук маанисин эске салат [4]. Чындыгында кыргыз тилинин салттык синтаксисинде *жер* “прономинативи” катышкан конструкциялар татаалдаштырылган түзүмгө ээ жөнөкөй сүйлөмдөр катары аныкталат [5]. Биз мындай сүйлөмдөрдү орун багыныңкы татаал синтаксистик түзүлүштөргө кошуп, аларды башкачараак түшүнөбүз. Келтирилген сүйлөмдөгү сиз кызматка кетип бараткан *жерде* синтагмасы предикативдүү, өзүнүн курамында ээ-субъекти (*сиз*), аналитикалык баяндоочу (*кетип бараткан*) жана орун бышыктоочу (*кызматка*) бар. Мында баш сүйлөм катары биринчи жактын жекелик түрүнүн белгилерин кайталоочу *мен туулганмын* синтагмасы эсептелинет. А *жерде* сөзү эмне боло алат? Ал, албетте, ат атоочтук маанисинде кытайча *жер* «мында, бул жерде, ушул жайда» муунуна абдан окшош орун бышыктооч функциясындагы байламта сөз. Ушинтип, эки предикативдик түзүлүштөрдүн ортосунда байламталык функцияны кабыл алуу менен, *жерде* сөзү багыныңкы жана баш сүйлөмдөрдү бир татаал конструкцияга бириктирет.

Таблица 1 – Кыргыз жана кытай тилдериндеги жер сөзүнүн семалары

| № | Семалар | Кырг. тили | Кыт. тили | № | Семалар | Кырг. тили | Кыт. тили |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | «чекит» | + | – | 10 | «ошол жерде (+кайда, кайсы жакка, кайсы жерден болсо)» | + | + |
| 2 | «адамдын органы» | + | – | 11 | «жээк» | + | – |
| 3 | «сызык» | + | – | 12 | «жердин бети» | + | – |
| 4 | «Жер (планета ), жер» | + | – | 13 | «мейкиндик (асманга каршы коюлган)» | + | – |
| 5 | «топурак» | + | – | 14 | «калктуу пункт» | + | – |
| 6 | «участок» | + | – | 15 | «өлкө, мамлекет» | + | – |
| 7 | «көр» | + | – | 16 | «кургактык» | + | – |
| 8 | «жай» | + | – | 17 | «жүйөлүү маани» | + | – |
| 9 | «жак, тарап» | + | – | 18 | «бул дүйнө» | + | – |

Кыргыз жана кытай сөздөрүнүн семантикасын салыштырып олтуруп, кыргызча сөз полисемантикалык өзгөчөлүктө болгондуктан, өзүнүн семантикалык парадигмасынын жакабелинде гана тар жана конкреттүү мааниге ээ кытай мууну менен байланышат деген жыйынтыкка келдик. Бир протоуңгуга (баба уңгуга) карай тикеленүүчү бул эки лексеманын корреляциясы ачык-айкын болуш үчүн таблица (таблица 1) түрүндө көрсөтөбүз.

Таблицада кыргызча *жер* сөзү кытайча *жер* сөзүнөн айырмаланып, бутакталган семантикалык парадигмага ээ лексикалык бирдикти өзүнө камтый тургандыгы көрсөтүлгөн. Кытай сөзүнүн семантикасы түрк тилдериндеги баба уңгунун трансформаларынын системасында кичи парадигма катары саналуучу бул парадигманын бир гана мүчөсү менен дал келет [6].

**Йер/жер* баба уңгусу бардык түрк тилдеринде өзүнчө трансформалар менен объективдештирилет. Анын рефлекстери тилдердин аракеттеги мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайык варианттташат. Караңыз, мисалы: 1) *йер* – өзбек, гагагауз, азербажан, кумык ж.б.тилдерде; 2) *йäр* – лобнорчо, алтайча, телеутча ...; 3) *йä/йе/же/жээ/йээр/жээр* – уйгур диал.; 4) *чäр* – шорчо ж.б.

Жердин аталыштарынын түрк тилдериндеги конкреттүү трансформаларынын ичинен көбүрөөк өнүмдүү варианты – *йер*, андыктан аны “жердин” маанисинин архетиби деп санай алабыз. Башка алтаисттер менен түркологдор дагы ушинтип санашат (М. Рясенен, Э.В. Севортян, Л.С. Левитская) [6]. Бул А.М. Щербактын жердин жалпы түрк тилдериндеги номинантынын праформасын **väр* түрүндө калыптандырган жоромолуна каршы келет [7]. **Йер* уңгусунун алтай, тунгус-маньчжур, монгол, тибет ж.б. тилдерде аналогиялары, трансформалары бар экендигин эске салабыз [8, 9].

Кытайча *жер* анын түрк тилдериндеги эквиваленттери сыяктуу өзүнүн финалдык бөлүгүндө *-р* аяккы тыбышын сактап калган, бирок анын ачык муун түрүндөгү варианттары өзүнүн архетибинин бардык семантикалык көп түрдүүлүгүн берип келет. Бул учурда сөз **жер* баба уңгусунун фонетикалык дериваттары жөнүндө болуп жатат. Алар кытай тилинде – 1) *жер*, 2) *жай/жэ/зай,* 3) *зай* (*чж/з* инициалдык алмашуусу менен), а кыргызча – *жер* жана *жай*. Кыргызча номинанттын экинчи варианты кытайча бир уңгулуу муундар менен функционалдык жактан окшош. Жалпы түрк баба уңгусунун а) ачык муун *йä/йе/йээ/же/жээ*; б) жарым ачык муун *йей/йäй*, түрүндө калыптанган варианттары ханьюнун күчтүү таасири астындагы чыгыш-түрк тилдеринде – уйгур диалектилеринде жана лобнор тилинде кезигет. Сөздөрдүн инициалдык бөлүгүндөгү тыбыштык алмашуулар салыштырылып жаткан тилдердеги морфонологиялык жалпы эрежелерге баш иет. Байыркы **жердин* бардык касиеттери жай маанисинин экспоненттери катары берилет.

Локативдүүлүк – тилдик ой жүгүртүүдөгү универсалдык кубулуш. Бул бардык буюм, сапат же кыймыл-аракет мейкиндик-убакытта башкаларына жайгашкан орду же жагдайы боюнча салыштырмалуу аныкталат дегендик. Дүйнөдө жашоо, болуу касиетине ээ эмес бир да нерсе, сапат, кыймыл жок. Кытай тилинде жалпы этимологияга ээ муундардын тобу локативдүүлүк жана локалдашуу маанисин берет:

1) *зай* «жашоо, тирүү болуу/калуу, үйдө болуу, бар/көрүнөө болуу; -де жашоо, туруу, күн кечирүү, -га жакын болуу, -де жайды/пунктту ээлөө; -га (компетенцияга) кирүү, -дан көз каранды болуу, чечилүү, ордунда болуу, абалда туруу, катарында болуу, болуу, болуп саналуу; ... кайда болсо, ошол жерде»; *зайзай* «бардык жерде, бардык жайда, бардык жерден»;

2) *жай/жэ* «турак, батир, резиденция, короо-жай; мүрзө, бейит; жер участогу, жер аянты; -да (үйдө, батирде) жашоо, -да жайлашуу/туруп калуу/орундашуу/жашоо, -да жайланышуу, -дан турак жай алуу, орун ээлөө, негиз салуу, уюштуруу, салуу» (мисалдардын көпчүлүгүндө -да мүчөсү бар);

3) *жай* «үй, кабинет, жатакана, дүкөн».

Экинчи эки муун өз ара алмашыла алат. Алардын семантикасы биринчи муунга караганда көбүрөөк, ал эми үчүнчү муунга караганда азыраак субстантивдештирилген. *Зай* муунунун мазмунунда мейкиндикте болуу, жашоо жана жайгашуу маанилери үстөмдүк кылат. Аталган муундарды графикалык жактан чагылдырууда 4 иероглиф колдонулат. Бул муундардын баары үчүн жалпы нерсе эмне? Алардын баары реалдуу кептик колдонулууда вариантталып кетүүчү жана конкретттүү маанини кабыл алуучу “предметтин туруу/болуу жайы” деген константалык

мааниге ээ. Ар бир муундун өзүнүн семантикалык парадигмасы, б.а. жалпы жана жеке белгилерден турган көптөгөн семалары бар. Кепте муктаждыкка ылайык, бул көп маанилердин ичинен эң ылайыктуусу тандалып алынат жана колдонулат.

Мындай концентрациялашкандыкты биз алардын кыргызча эквиваленттеринен жолуктурбайбыз. Кыргыз тилинде жогоруда келтирилген кытай муундары менен этимологиялык жана функционалдык жактан байланыштуу *жай* «жер, жайгашкан жер, турган орун, жашаган жер, турак, үй, бейит, мүрзө …» сөзү бар. *З = ж, чж = ж* дал келүүсүн биз башка мисалдардан да табабыз: 1) *зай* «жүк, жүктөм» = *жүк/жүктөм*; *зан* «жандоо, коштоо» = *жандоо*; 2) *чжанг* «жоон, колжойгон, семиз» = *жоон*; *чжэнг* «алакан, таман, чеңгел» – *жаң* «жест (колдун кыймылы)» ж.б. *Àі = ай* жана *е = ай* түрүндөгү аяккы дал келүүгө да аналогия табылат: 1) *сай* «шайлоо, тандоо» = *сайлоо/шайлоо*; 2) *сай/сэ* «бөлүктөргө ажыратуу, бөлүү, чачып таратуу, айырып алуу, өнүп чыгуу (дан жөнүндө)» = *чайлоо* «дүрүлдөп өнүп чыгуу, өсүп жайылып кетүү (дан тууралуу), жашыл же чыккан эгин каптап калуу (жердин бети жөнүндө)» [4].

Ушинтип, «предметтин орду» маанисин берген кытай жана кыргыз номинанттарынын ортосундагы этимологиялык алака ачык көрүнүп турат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде салыштырылган тилдерде *жер/жер* баба уңгусу сакталып калган деп айта алабыз. Ал кытай тилинин базасында прономинативдик (ат атоочтук) мааниге, ал эми кыргыз тилинин базасында көп маанилүүлүк сапатка ээ. Компрессия жана ачык муун мыйзамынын таасири астында кытайча *жер* сөзү *чжай/жэ/жай/*зай полисемантикалык ачык муундарына өзгөрүп кетет. Алардын маанилик курамы кыргызча *жер/жай* сөздөрүнүн мазмунуна дээрлик окшош.

## Жыйынтыктар:

1. Кытай тилинде муундун мааниси абстракттуу, сүйлөп жаткан жактын позициясын чагылдырат; кыргыз тилинде *жер* сөзү полисемантикалуу жана көп сандагы маанилерди өзүнө камтыйт;

2. Кыргыз тилинде сөз өзүнүн семантикалык парадигмасынын жакабелинде гана тар жана конкреттүү мааниге ээ кытай мууну менен байланышат;

3. Салыштырылган тилдерде *жер/жер* баба уңгусу сакталып калган деп айта алабыз;

4. Компрессия жана ачык муун мыйзамынын таасири астында кытаай тилиндеги *жер* сөзү *чжай/жэ/жай/*зай полисемантикалык ачык муундарына өзгөрүп кетет. Алардын маанилик курамы кыргызча *жер/жай* сөздөрүнүн мазмунуна дээрлик окшош.

### Адабияттар тизмеси:


1. **Яхонтов, С.Е.** Категория глагола в китайском языке [Текст] / С.Е. Яхонтов – Л.: Наука, 1957. – 181 б.
2. **Румянцев, М.К.** По поводу эризации в китайском языке [Текст] / М.К. Румянцев // Разыскания по общему и китайскому языкознанию / Ред. С.Е. Яхонтов. – М., 1980. – Б. 16-25.
3. **Зулпукаров, К.З.** Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание [Текст] / К.З. Зулпукаров – Бишкек, 2016. – С. 496-511.
4. **Зулпукаров, К.З.** Китайско-киргизское ZHÈR/ЖЕР и его семантико-звуковое варьирование [Текст] / К.З. Зулпукаров, С.М. Амиралиев // Актуальные направления гуманитарных и социально-экономических исследований. – Белгород, 2018. – С.48-49, 51-53.
5. **Мусаев, С.Ж.** Трансформационные отношения в синтаксисе [Текст] / С.Ж. Мусаев // Изв. АН Кирг. ССР. Обществ. науки. – 1987. - №1. – 51 б.
6. ЭСТЯ – Этимологический словарь тюркских языков [Текст] / Э.В. Севортян, Л.С. Левитская // Общетюркские и межтюркские основы на буквы «Ж», «Җ», «Й». – Москва, 1989. – 192 с.
7. **Щербак, А.М.** Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков: (глагол) [Текст] / А.М. Щербак – Л.: Наука, 1981. – 183 с.
8. **Цинциус, В.И.** Сравнительный словарь тунгусо-маньчжурских языков [Текст] / В.И. Цинциус // Том II. - Л., 1977. – 255с.
9. **Гамкрелидзе, Т.В.** Индоевропейский язык и индоевропейцы. Реконструкция и историко-типологический анализ праязыка и протокультуры [Текст] / Т.В. Гамкрелидзе, В.В. Иванов // Книга 2. – Тбилиси: Тбилис. ун-та, 1984. – 743с.
10. **Исамутдинова, Р.Н.** Образование литературно-письменных языков [Текст] / Р.Н. Исамутдинова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2010. - №1. – С. 18 – 22.

11. **Капарова, К.М.** О формировании речевых навыков учащихся [Текст] / К.М. Капарова, Ж.А. Калдыбаева // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2012. - №3,4. – С. 14 – 16.
12. **Жаныбекова, Б.А.** Определение рода слов иноязычного происхождения по их семантико-грамматическому строю [Текст] / Б.А. Жаныбекова, К.М. Капарова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2013. - №1. – С.14 – 17.
13. **Рысбаева, С.А.** Эне тил улутубуздун келечеги [Текст] / С.А. Рысбаева, Л.О. Айылчиева // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2014. - №3. – С. 98 – 102.

DOI:10.54834/16945220_2022_2_130

Поступила в редакцию 10. 05. 2022 г.

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК:37.013.75**

***Абдыкулова Р.А.***
*д.и.н.,доцент Кыргызско-Турецкого университета Манас, Кыргызская Республика*

## ПАНДЕМИЯ ШАРТЫНДА КЫРГЫЗСТАНДА ОНЛАЙН БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ

*Пандемиядан улам дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө билим берүү онлайн форматка өттү. 2020-жылдын март айынан баштап Кыргызстанда билим берүүнүн бардык тармактарында (мектептер, университеттер) убактылуу онлайн окутуу киргизилди. Бирок көптөгөн маселелер, мисалга студенттин социалдык абалы, интернетке кирүү көйгөйлөрү, географиялык өзгөчөлүк, экономиканын айынан санариптештирүүнүн тоскоолдугу, мугалимдердин сабак өтүүдө интернет технологиясын колдонгусу келбегендиги, онлайн окутуу ыкмаларын толук өздөштүрбөгөндүгү – өлкөнүн онлайн билим берүүгө толук өтүүгө азырынча даяр эмес экенин тастыктады. Изилдөөнүн максаты- Кыргызстандын жогорку окуу жайларында дистанттык/онлайн окутуу маселелерин анализдөө болуп саналат. Изилдөө методдору-компаративдик анализ-синтез жана дедукция методдору пайдаланылды. Изилдөөнүн жыйынтыгы- дүйнөлүк аренада технологиянын өнүгүшү билим берүү системасына да чоң таасирин тийгизгенин көрсөттү. Атүгүл пандемия бүткөнүнө карабастан онлайн билим берүү акырындык менен салттык билим берүүнүн ажырагыс бир бөлүгү катары акырындап кире тургандыгы белгилүү болду. Изилдөөнүн илимий баалуулугу- онлайн билим берүүдөгү кээ бир тоскоолдуктар жана шарттарды иретке келтирүү учурдун талабы жана илим чөйрөсүндө мындай билим берүүнү өздөштүрүү максат кылынышы шарт экендиги маалым болду. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси-пандемия токтогонуна карабастан белгилүү өлчөмдө билим берүү системасында онлайн форматты толук өздөштүрүү үчүн окуу куралдары жана көрсөтмөлөрү басып чыгаруу учурдун талабы. Онлайн билим берүү маселесин изилдөөнүн келечеги-өлкөдө мындай форматта билим берүүдөгү кемчиликтерди талдап, алардан арылуу аракети теориялык жана практикалык түрдө жасалышы шарт экени аныкталды.*

***Негизги сөздөр:*** *онлайн билим берүү; жогорку окуу жайы; пандемия; университет; билим берүү.*

## ВОПРОСЫ ОНЛАЙН ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛЬНОЙ ПАНДЕМИИ

*По причине пандемии, образование переведено в онлайн-формат во многих странах мира. С марта 2020 года, во все сферы образования (школы, вузы) в Кыргызстане введено временное онлайн-обучение. Однако многие проблемы, например, социальный статус учащихся, проблемы с доступом в Интернет, географические особенности, торможение цифровизации из-за экономики, нежелание учителей использовать интернет-технологии в обучении, неполное владение онлайн-методами обучения, подтвердили, что страна не была готова к полному переходу на онлайн образование. Цель исследования-проанализировать проблемы онлайн обучения в университетах в Кыргызстане. В качестве методов исследования использовались методы сравнительного синтез-анализа и дедукции. В результате исследования выяснилось, что развитие технологий на мировой арене оказало существенное влияние на систему образования. Даже после окончания пандемии стало ясно, что онлайн-образование постепенно станет неотъемлемой частью традиционного образования. Научной ценностью исследования- является необходимость устранения некоторых барьеров и условий в онлайн-образовании, и постановка цели освоить данную форму образования в области науки. Практической значимостью результатов является то, что, несмотря на прекращение пандемии, выпуск учебников и методических пособий для полного освоения онлайн-формата в системе образования остается актуальным. В перспективе изучения онлайн-образования необходимо проанализировать недостатки образования в данном формате на уровне Кыргызстана и попытаться преодолеть их теоретическим и практическим путем.*

***Ключевые слова:*** *онлайн образование; высшее образование; пандемия; университет; образование.*

# THE ISSUE OF ONLINE EDUCATION IN KYRGYZSTAN DURING THE GLOBAL PANDEMIC

*Due to the pandemic education has been switched to the online format in many countries in the world. Since March 2020, a temporary online training was introduced in all areas of education in Kyrgyzstan. However, many issues-for instance, student's social status, Internet access problems, geographical features, inhibition of digitalization because of the economy, teachers' reluctance to use Internet technology in teaching, incomplete mastery of online teaching methods- have confirmed that the country is not yet ready for the full transition to online education. The purpose of the study is to analyze the problems of distance learning in higher education in Kyrgyzstan. Comparative analysis-synthesis, deduction methods were used as research methods. As a result, the study showed that the development of technology has a significant impact on the education system. Despite the fact that the lockdowns are largely over, online education has become an integral part of everyday learning. The scientific value of given research is tackling social issues, inequalities in online education with the practical significance of publishing textbooks for enabling effective online education. The future of the study is to provide a practical ground for further development, creation of evolving practices in delivering valuable online education to future generations.*

***Keywords:*** *online education; higher education; pandemic; university; education.*

**Киришүү.** Онлайн билим берүү маселеси жыйырма биринчи кылымга чейин эле абдан актуалдуу болгонун илимий эмгектерден жана тажрыйбалардан байкоого болот [1-3]. Асыресе мындай билим берүү түрүнө батыш мамлекеттеринде эчак кадам шилтенгендиги баарына маалым. Натыйжада XIX кылымда башталган дистанттык билим берүү (негизинен курстар) жалпы билим берүү тарыхынын бир бөлүгү катары кирген. Ал учурда Европа университеттеринде *дистанттык курстар* ачыла баштаган. Виллистин (Willis) ою боюнча XIX кылымдын аягында бир катар канадалык, америкалык жана европалык университеттер дистанттык билим берүү курстарын сунушташып, өсүп келе жаткан коом улам барган сайын ага суусап турганын белгилеген [4, 9 б.].

Дистанттык билим берүүдө үйрөнүү жана үйрөтүү маселелерине байланышкан Петерстин (Peters) эмгеги жалпы билим берүү сферасынын көңүлүн бурбай койбойт. Анда дистанттык билим берүүдө окуу процесстерин көзөмөлдөө, байкоо жана баалоо максатында аларды ишке киргизүүнү каалаган адам өзгөчө кыйынчылыктарга туш болоору нормалдуу процесс катары кабылдоо керектигин билдирет [5]. Мында анын ою боюнча мугалимдер менен студенттер бири-бирине жакын эмес, бирок алыста туруу менен окуу процесси аркылуу байланышта болушат. Бул дистанттык билим анчалык деле маанисиз болуп көрүнүшү мүмкүн, бирок азыркы технология өнүккөн заманда билим берүүдө бара-бара өз ордун табаары жана көз жаздымда калтыруу мүмкүн эмес болгон билим алуу жана билим берүү түрү катары кабыл алуу керек.

**Пандемияга чейин Кыргызстанда дистанттык билим берүү:** Кыргызстан эгемендүүлүгүн алганга чейинки мезгилде сырттан окуу (*заочное образование- correspondence study*) эмгек менен айкалыштырылып келинген. Бирок Кыргызстанда советтик мезгилдеги сырттан окуу менен кийинчерээк бара-бара технологиянын өнүгүшүнүн натыйжасында кирген дистанттык билим берүүнү чаташтыргандар, экөөнү бир билим берүү формасы катары карагандар бүгүнкү күнгө чейин уланып келди. Мындай түшүнүктүн толугу менен жок болушуна пандемиядан улам окутула баштаган онлайн себеп болду. Ошентсе да өз мезгилинде сырттан окуу курстарынын өнүгүшү дистанттык билим берүүгө жол ачты. Виллистин (Willis) оюна караганда дистанттык билимдин тамыры/башаты университеттердеги сырттан окуу курстарында жатат [6, 5-б.].

Билим берүү системасында акыркы изилдөөлөр боюнча постсоветтик Кыргызстанда советтик доордогудай эле билим берүүдө «көзөмөлдүн», «нормалдаштыруунун» жана «стандартташтыруунун» уланганы педагогика тармагында айтылып келет. Натыйжада алардын ою боюнча жаш муундар азыр деле тилекке каршы чындыктан узак, мифтер ичинде тарбияланышып келет [7, 162- б.]. Бирок бул көрүнүш интернет технологияларынын өнүгүшүнүн натыйжасында билим берүү пандемиядан улам убактынча толугу менен онлайн форматка өткөн чакта да студенттер, атүгүл мектеп окуучулары чындыктан алыс болгон мифтер менен субор-

динацияны сактай алышпай калганы чындык.

Орто Азиядагы мамлекеттердин бири катары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине таандык, билим берүүдө мамлекеттин саясатына таянган 2003-жылы чыккан мыйзамда дистанттык билим берүүгө мүмкүн экендиги жана билим берүүнү санариптештирүү туралуу маалымат (берене) бар. Аталган мыйзамдын жалпы жобосунда каздешкен беренеде, "*дистанциялык билим берүү технологиялары - негизинен маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялар каражаттарын колдонуп, окуп жаткандар менен педагогикалык кызматкердин кыйыр же толук эмес кыйыр түрдө өз ара иш жүргүзүүсү аркылуу ишке ашырылуучу билим берүү технологиялары болуп саналат*" деген ачыктоо каздешет. Натыйжада билим берүүнү санариптештирүү замандын, учурдун талабы экенин анын 2003-жылы чыккан законунда орун алганынан байкоого болот. Ал эми кыйыр жана толук эмес кыйыр деп аталган сөз айкаштары азыркы гибриддик, асинхрондук жана онлайн билим берүүнү ачыктайт.

Кыргызстанда билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча иш чараларда 2012-жылы Кыргыз Республикасынын өкмөтү Кыргыз Республикасында Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө токтом кабыл алган. Ага ылайык, кесиптик окуу жайлардын материалдык-технологиялык базасын жакшыртуу, анын ичинде билим берүү процессин маалыматтык - коммуникациялык жактан колдоонун комплекстик системасын, жаңы муундагы электрондук билим берүү ресурстарын түзүү жана өнүктүрүү керектиги тууралуу атайын берене кабыл алынган.

Мамлекеттик масштабда жогорку окуу жайлардагы билим берүү сферасында онлайн окутуу маселеси 2003-жылдагы уставында каралып, санариптештирүү учурдун талабы экени белгиленгени жогоруда айтылып өттү. Ал эми пандемиядан улам күтүүсүз мындай толугу менен билим берүүнү санариптештирүүгө өтүүнүн натыйжасында Кыргыз билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021–2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясын иштеп чыкты [8]. Концепция онлайн билим берүүнү өздөштүрүү жана билим берүүнүн сапатын жакшыртууну максат кылган. Учурдун талабы катары акыркы жылдары Кыргызстандагы жогорку окуу жайларында санариптештирүү маселеси тууралуу илимий макалалар арбын жазыла баштады [9-13]. Мындан тышкары билим берүүнү санариптештирүү тууралуу четтик булактарын да маалымат алуу казынасы катары кароого болот.

**Пандемияда Кыргызстанда онлайн билим берүүнүн маселелери:** Пандемиядан улам билим берүү жана билим алууда онлайн форматка өтүүдө кандай маселелер жаралганын жана кандай алдыга кадам шилтөөлөр болгонун анализдөө учурдун талабы. Мисалы Кыргызстанда онлайн билимге психологиялык жана финансылык жактан мамлекет да үй-бүлө да атүгүл студент жана мугалим да даяр эмес болгон. Студенттер онлайн билим алууда буга чейин колунда кайсы гаджет болсо ошол аркылуу билимин улантышты. Анткени пандемия окуучуларга жаңы гаджет сатып алмак түгүл социалдык жашоосунда көйгөйлөрдү жаратты. Коомчулукта көптөгөн кесиптерде өз жанын багуу иши начардады. Бир үй-бүлөдөгү сапаттуураак болгон чөнтөк телефон бир эле ошол чөнтөк телефондун ээси студентке эле эмес анын бир туугандарынын мектептеги билимин онлайн алуусунда да окуу куралы катары кызмат кылганын айта кетүү керек. Пандемиядан улам студенттердин кичи мекенине кайтып, ата-энеси менен чогуу жашап, окуусун улантуусу алардын үй иштери менен алек болуусунан жана китепканада иштөөдөн куру жалак калуусунун натыйжасында кээ бир студенттердин окууга болгон жөндөмү жана психологиялык абалы стабилдешпегенин айта кетүү керек.

**Тоолуу Кыргызстандын аймактарынын баарында интернет жакшы тартабы?** Кыргызстандын географиялык өзгөчөлүгүнөн улам болжол менен жеринин жетимиш пайызын бийик тоолор түзгөндүктөн жана көпчүлүк бөлүгү деңиз деңгээлинен 1500 метр бийиктикте болгондугуна байланыштуу дале болсо кээ бир аймактарда интернеттин тартпашы да онлайн билим берүүнүн өзүнчө бир маселеси болуп саналат. Натыйжада интернеттин иштешинде аймактык өзгөчөлүктөр чоң роль ойногонун студенттердин онлайн сабакка катышуу-жетишүүсүндө байкалган маселелерден байкоого болот. Буга байланышкан Кыргыз Республикасындагы интернет чөйрөсүн баалоо изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында Кыргыз Республикасында деңизге

чыгууга мүмкүнчүлүктүн жоктугун эске алганда, анын географиялык жайгашуусу белгилүү бир кыйынчылыктарды жаратса дагы, заманбап технологияларды, мамлекеттик саясатты жана жөнгө салуучу чараларды колдонуп, өлкөдө интернетке жеткиликтүүлүктүн жогорку деңгээлин камсыз кылуу максаты көздөлүп келет.

Кыргызстанда “Акнет”, “Мегалайн”, “О”, “Билайн”, “Мегаком” жана башка интернет булактары иштейт. Алардын ичинен үч компания (“О”, биилайн жана мегаком), тагыраак айтканда мобилдик аппарат онлайн билим берүүдө жана алууда кызмат кылат. Мамлекет же билим берүү министрлиги “О” компаниясы менен келишим түзүп, бир эле жогорку окуу жайларда эмес мектептерге да 60 пакет бекер алуу мүмкүнчүлүгүн түзүп берген.

Жалпысынан алып караганда жаңы пандемия башталган кезде студенттер эле эмес кээ бир мугалимдер да технологияны колдоно албай же түшүнбөй калгандар арбын болду. Бир жылдын ичинде онлайн билим берүү жана алуу алда канча ылдамдык менен өнүктү. Ошентсе да студенттер өз алдынча онлайн сунум жасоого адаптация боло баштады. Алар мындай билим алууну замандын талабы экенин сезишти.

**Онлайн билим алуунун пайдалары кайсылар?** Билим берүү сферасындагылардын көпчүлүгү онлайн билим алуунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн пайдалуу экенине кошулат. Бара-бара технологиянын өнүгүүсүнүн натыйжасында жогорку окуу жайлар толугу менен онлайн форматка өтөөрү учурдун талабы сыяктанат. Студенттердин өз кесибине байланышкан интернеттеги онлайн курстардан, ютубдан көптөгөн маалыматтар менен сугарылып жаткандыктары да пандемия учурунда байкалды. Ошону менен бирге жакындарынын жанында болуу, жоопкерчиликтин артканы жана өз алдынча да маалымат алып, убакытты туура бөлүштүрүүнү өздөштүргөндөрүн мисал келтирүүгө болот. Ар бир студент интернетти жана программаларды кантип колдонуу керек экендигин өздөштүрүп алышканын жана алар үчүн пайдалуу сайттардан маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүнүн болгонун билдиришкен. Мындай билим алуу аркылуу коронавирус оорусу менен ооруп калуу мүмкүнчүлүгүн азайтуу үчүн аракеттин болгонун, оффлайнда жашаган квартирасына да иштеп акча таап ошону менен бирге окуп да жүргөндүктөн, эми болсо убакыттын кенендиги жана интернет ресурстарын талдай алгандыктарын белгилешет. Онлайн тренинг, вебинарларга катыша алуу мүмкүнчүлүктөрү да бар экени көңүлдү бурат. Студенттер үчүн чыгаша аз болгонун, убакыт көп болгонун, өтүлгөн сабактын видеосун кайра көрө алуу мүмкүнчүлүгү онлайн билим алуунун позитивдүү тараптарына кирет. Мындан сырткары кооптуу кырдаалга карабастан билим алуунун үзгүлтүксүз студенттерде улантылуусу көңүлдү бурбай койбойт. Университетке барганга кеткен убакыт үнөмдөлгөнүн, финансылык жактан жеңилдик, жол кире, тамак аш, кийим-кече жана башкаларга сарптоо болбогондугу. Интернет жана компьютер менен иштөөнү мыкты деңгээлде үйрөнүү. Убакытты туура пайдаланууну үйрөнүү. Ден-соолукка кам көрүү жана технология менен иштөөнү үйрөнүү сымал маселелерди тизмектөөгө болот.

Университет тарабынан интернет төлөмү каржыланганы алар үчүн финансылык жактан көп каржыга түртпөгөндүгүн тастыктоодо. Ал эми оффлайн билим алууда жол кирееге, квартирага, тамак-ашка жана кийим-кечеге кеткен акчага салыштырганда бир кыйла жеңилдиктер болгонун эсептешкен. Студенттерди онлайн билим алуу, өз алдынча окууга, убакытты камчылоого түрткөн. Ошону менен биргеликте онлайн билим алууда эч кандай чек жок экенин сезишкен. Эң башта онлайн окууда дүйнөлүк китепканаларга мүмкүнчүлүк болбогонун же акча төлөө керектиги болсо, эми онлайн окууда авантаждын көбөйгөнүн билдиришкен.

**Студент, ата-эне жана мугалимдердин көз карашында онлайн билим алуунун кандай негативдүү жактары бар?** Студенттер онлайн мезгилинде өздөрүнүн ата-энелеринин жанына, туулуп өскөн жерине барып окуп жаткандыктан элеттик аймактарда үй тиричилиги жана үй иштери абдан көп болгондуктан сабактарга даярданууга убакыт тартыш болгонун белгилешет. Экинчи тарабынан кээ бир студенттердин жообуна караганда онлайн билим алуу аларды жалкоолукка алып барганын жазышкан. Ошону менен бирге китепканаларга бара албагандыктары, ал эми онлайн китептерди окууда көпчүлүгүнүн төлөмдөн кийин окууга мүмкүн экендиги маселе жараткан. Студенттердин ден-соолугуна да зыян келтиргенин, көп убакыт телефон менен алек болуп калуудан улам көз көрүү маселелери жаралганын айтышкан. Он-

лайн билим алган мезгилден тарта студенттердин көпчүлүгү ишке кирип алганы да тастыкталды. Кээ бир студенттердин пандемиянын таасири жана изоляцияланууну натыйжасында депрессияга киргендер да болгонун сурамжылоодогу жооптордон байкоого болот. Мындай абал алардын онлайн билим алуусуна да өз терс таасирин тийгизбей койгон эмес. Көптөгөн студенттер өз алдынча иштей албай, убакытты өз алдынча камчылай албай жоопкерчиликтеринин азайганын жазышкан. Онлайндан улам сабакка болгон кунт коюунун –концентрациянын азайганын билдиришкен. Жалкоолук, кайдыгерлик, жоопкерчиликсиздик, билимге болгон кызыгуу жоголгонун билдиргендер да бар. Анткени убактыларынын көбү телефон менен алек болуп ыксыз маалыматтар менен күн өткөнүн билдиргендер да жок эмес. Ал эми билимдин сапаты тууралуу болсо оффлайнды колдоолорунун себептери катары мугалим менен түз баарлашуу, ой бөлүнбөөрүн, сабакты жакшы түшүнөөрүн, пикир алышуу, талкуулоо жакшы жүрөрүн билдиришкен. Онлайнда мугалим менен бетме-бет сүйлөшүү мүмкүн эместигин, убакыттын тардыгын айтышкан. Социалдашуу жокко эсе жана практикалык сабактар начардап кеткени тастыкталган. Телефон эң көп онлайн билим алууда колдонулгандыктан тигиле кичинекей гаджетти тиктөө бара-бара көздүн талуусуна алып келиши, натыйжада көрүүнүн начардоосуна түрткү болгонун да мисал катары айта кетүү керек. Социалдык байланыштан артта калуу жана кээ бир жөндөмдөрдү жоготуп алуу (эл алдында сүйлөө, ойду толук түшүндүрүү, мамиле түзүү) же куру жалак кала башташы да көңүлдү бурат. Алган билимди практикада бышыктоого ыңгайсыз болгону, кыймылдын азаюусу, окууга болгон кызыгуунун да азаюусу мугалимдин онлайн билим берүүдөгү методикасына да түздөн-түз байланышкан. Чакан телефон мугалимдин берген тапшырмаларына, pdf терге толуп кеткендиги да алар үчүн өкүнүчтүү көрүнүш катары кабыл алынат.

**Онлайн билим алууда бир жылдын ичинде кандай өзгөрүүлөр болду?** Билим алуу онлайн форматка өткөндөн бери интернетте онлайн курстардын саны көбөйдү. Студенттердин компьютердик билим денгээли өстү. Онлайн окууда студенттин өз алдынча иштөөсү жакшырды. Онлайн окуу учурунда технология менен иштөө жөндөмдүүлүгү өстү, дистанттык курстар, семинар, вебинарларга активдүү катыша баштады. Билим алуу үчүн жаңы платформаларды өздөштүрүштү. Өз алдынча окуу аркылуу да көп нерселерди өздөштүрүүгө боло турганын аңдашты.

Онлайн билим алуу үйрөнүүчүнүн жашына, жынысына, мүмкүнчүлүктөрүнө, жашаган аймагына карабастан билим алуусуна шарт түздү. Атүгүл убакыт коротуп окуу жайга барып отурбастан каалаган жеринде каалаган убактысында технологиянын жардамы менен көптөгөн өзүнө керектүү маалыматты ала алат. Жогоруда да баяндалгандай онлайн билим алууда интернет платформалары чоң роль ойноду. Алардын арасында Moodle платформасы көп жагынан артыкчылыгы менен айырмаланып турат. Ошентсе да интернет ресрустарын пайдаланууда студенттер буга чейинки өз ара баарлашууда пайдаланган социалдык тармак жолдорун да билимге жумшашат. Аларга Whatsapp, Facebook сымал социалдык тармактар мисал боло алат. Алар билим алууда аз да болсо билим алуунун куралы катары роль ойноп келүүдө. Мындай кырдаалдарга карабастан өлкөдөгү пандемиядан улам университетте билим берүү кырдаалга жараша стабилдүүлүгүн жоготту. Абал бир аз жакшырган чакта оффлайнга, эски салттуу билим берүүгө өтүлүүдө. Бирок бул абал көпкө созулбай кайра эле онлайн билим берүү процессине кайрылууда. Мындай көрүнүш жана абалдын стабилдешпөөсү да студенттердин онлайн билим алууга адаптация болушуна тоскоолдук жаратууда.

Пандемия шартында Кыргызстанда жогорку окуу жайларда билим берүүнүн маселелери бардык өлкөлөрдө болгондой эле студенттин психологиялык даяр эместиги, артынан социалдык абалдын таасири тийгизгенин айта кетүү керек. Бирок Кыргызстандын башка мамлекеттерден айырмачылыгы анын географиялык өзгөчөлүктөрү да өнүгүшүнө терс таасир тийгизгени чындык. Ошого карабастан онлайн билим алуу студенттердин өз алдынча иштөөсүнө шарт түздү. Студентке болгон ишеним артты. Бардык жоопкерчилик жана изденүү аларга артылды. Ар бир студент убакытты туура пайдаланууну пландай баштады. Алар үчүн убакыт үнөмдүү боло баштады. Сабактан сырткары интернет ресурстарынын көп болуусунан улам IT сымал технологияларды жана өздөрүнүн жан дүйнөсүнө жакын болгон жөндөмдүүлүктөргө байла-

нышкан интернет курстарга катыша башташканы белгилүү болду. Атүгүл өзүнүн алган сабактарын дагы бекемдөөдө интернет булактарындагы маалыматтарды да өз алдынча өздөштүрө башташты. Бул абал бир теманы же маселени өздөштүрүүдө вариативдүүлүккө алып барды. Бул бир эле студенттерге эмес, мугалимдерди да жаңы изденүүлөргө, жаңы методикаларды өздөштүрүүгө түрттү. Буга карабастан студенттерде социалдашуу маселеси пассивдеше баштаганын да айтууга болот. Ошентсе да муну пандемия шартындагы бир өзгөчөлүк катары кароого болот. Экинчи жагынан орток сабактарды алган студенттердин көбүнесе биринчи курстар болгондуктан дале онлайн билим алууда кээ бир социалдык тармактарды (Whatsapp) сабактары үчүн автивдүү колдонуп келе жатканын баамдоого болот.

Онлайн билим алуу студенттерди өз алдынча иштөөгө, маалыматттуулукта негизги билим алуучу обьект катары биринчи орунга чыкты. Студент азыркы замандын талабына ылайык өзүнүн кесибине ээ болуп чыгууда интернет булактарын да эркин өздөштүрүп алуусуна дагы да кенен жагдайлар түзүлдү. Айрыкча Кыргызстанда жогорку окуу жайларда билим алууда студент үчүн биринчи планда турган мугалим болсо, онлайн билим алууда студент билим алуунун негизги обьектисине айланды. Маалымат берүүчү мугалим менен кошо интернет ресурстары да негизги ролду ойной баштады.

**Жыйынтыктар:**

1. Онлайн билим берүү жана алуу азыркы учурдун талабы болгондуктан эртеби кечпи мындай жолдо билим алууга өтүлмөк. Пандемиядан улам шашылыш кирип келген мындай билим берүү усулу пандемия токтогон кезде да өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок. Мындан улам студент да мугалим да-жалпы эле билим сферасындагы адамдар өздөрүн мындай жолдо тынымсыз өнүктүрүп туруусу зарылчылык болуп эсептелет. Бара-бара салттуу билим берүү өзүнүн күчүн жогото баштайт да онлайн билим берүүнүн күчү арта баштайт. Атүгүл жалпы коомулук үчүн китеп окуунун ордуна аудиокитептер алдыга чыгып, замандын талабы катары өз ордун маалыматтуу болууда табары анык;

2. Онлайн билим алуунун натыйжасында кээ бир адистиктер тарых сахнасынан чыга башташы да учурдун көрсөтүп жаткан жагдайы. Анткени интернеттин жашообузга сүңгүп кириши менен университеттердеги кээ бир адистиктер өзүнүн ордун жогото баштаары жана анын ордуна өз алдынча үйрөнүү менен роботтоштуруу келерин изилдөөлөр көрсөтүүдө. Онлайн билимдин кемчиликтерин көрө алгандыгыбыз жана аны кантип иретке келтирүүгө болоору бир эле студент же мугалимге байланышкан маселе эмес. Бул жалпы мамлекеттин билим берүү маселеси болуп эсептелет. Атүгүл дүйнө жүзүнүн онлайн билим алуудагы тажрыйбаларын бири-бири менен бөлүшүү заманы да келип жетти. Ал эми Кыргызстандагы жогорку окуу жайларына келгенде университтеттерге билим берүү министрлиги автономдукту берүүсү учурдун зарылчылыгы. Болбосо студенттер өз алдынча маалыматтуулукка умтулуунун натыйжасында дүйнөлүк аренадагы сапаттуу жогорку окуу жайларынан онлайн билим алуусу ишке аша баштайт. Натыйжада бара-бара дүйнөлүк аренадагы эң мыкты университеттерде билим алуу мүмкүнчүлүгү онлайн аркылуу дагы да жеңилдетилип, шарттар толугу менен түзүлө баштайт да өлкө аргасыз жогорку окуу жайларга автономдукту берүү мажбурдугунда калат;

3. Кыргызстандагы студенттер арасындагы болгон жана болуп жаткан социалдык, психологиялык жана географиялык көйгөйлөр мамлекеттик масштабда чечилиши керек болгон абалдар катары кабылдоого болот. Буга карабастан пандемия бир эле окуу жайда билим алууда онлайн форматка өтүлүшү менен чектелбестен тил, дин таануу, психология, токуу, тигүү, сүрөт тартуу, тез окуу курстарынын көбөйүшүнө өбөлгө түздү. Мындай көрүнүштөр батышта, өнүккөн өлкөлөрдө кадыресе эле көрүнүш болсо, Кыргызстандын мисалында муну мүчүлүштүктөрдү эске албаганда жетишкендик катары кабылдоого болот.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Keegan, D.** Foundations of Distance Education [Текст] / D. Keegan. - London, 1990.- 240 p.
2. **Willis, B.** Distance Education: A Practical Guide [Текст] / B. Willis.- Intl Society for Technology in educ., 1993.-138 p.
3. **Mason, R**. Globalising education: Trends and applications [Текст] / R. Mason.-London, 1998.-184 p.

4. **Willis, B.** (Ed.) Distance Education: strategies and tools. Educational Technology [Текст] / B.Willis.- Educational Technology Publications, 1994.-334 p.
5. **Peters, O.** Learning and Teaching in Distance Education: Analyses and Interpretations from an International Perspective Open and distance learning series [Текст] / O.Peters.-London, 1998.-268 p.
6. **Willis, B.** Distance Education: strategies and tools (Englewood Cliffs, NJ, Educational Technology) [Текст] / B.Willis. –Printed in The United States of America, 1994.-305 p.
7. **Boобекова, К.С.** Кыргыз Республикасындагы билим берүүдөгү проблемалардын терс метафораларда чагылдырылышы [Текст] / К.С. Бообекова, К.З. Эшенкулова // Наука. Образование. Техника.– Ош: КУМУ, 2021. - № 3 (72). - С. 158-170.
8. http://kao.kg/wp-content/uploads/2021/04
9. **Jumabaeva, C.** Kırgızistan‟da hibrit eğitim uygulaması [Текст] / [C. Jumabaeva, A. Sait k., K. Baryktabasov, R. Ismailova] // Bilim, Eğitim, Sanat ve Teknoloji Dergisi (BEST Dergi).- Konya, 2020.- 4(1). - С. 23-30.
10. **Muhametjanova, G.** Students‟ Level of Readiness to Use Social Media as Educational Tool in Kyrgyz Republic [Текст] / G. Muhametjanova, R. Ismailova // Journal of Educational Multimedia and Hypermedia.- Konya, 2019. - 28(3). - С. 331-352.
11. **Nurakun к., Z.** Learning management system implementation: a case study in the Kyrgyz Republic [Текст] / Z. Nurakun к., R. Ismailova, H. Dündar // Interactive Learning Environments. -Digital library, 2018.- 26(8). - С. 1010-1022.
12. **Таштанбекова, Т.Т.** Использование метода стартового эксперимента в развитии самообучения учащихся [Текст] / Т.Т.Таштанбекова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2020. - №3. – С. 92 – 98.
13. **Исаков, Т.Э.** Форматы и методы ведения процесса обучения в образавательной системе[Текст] / Т.Э. Исаков, А.А. *Атабаев*, М.Т. Исакова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУМУ, 2021. - №2. – С. 131 – 137.
14. **Исаков, Т.Э.** Вопросы организации образовательных процессов в условиях пандемии covid-19 [Текст] / Т.Э. Исаков, А.А. Атабаев // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУМУ, 2021. - №2. – С. 131 – 143.


DOI:10.54834/16945220_2022_2_135

Поступила в редакцию 15. 05. 2022 г.

**УДК: 372.851**

***Сооронбаева К.А.***
*преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Авазова Э.Т.***
*преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Токтобаева Г.Т.***
*ст. преп. Ошского технологического университета им. М.Адышева, Кыргызская Республика*

# КЕЙС-МЕТОД – ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫНА ЖЕТКИРҮҮЧҮ ЭФФЕКТИВДҮҮ БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯСЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары жалпы билим берүүдө кейс технологияларын колдонуунун учурдагы абалы каралды. Изилдөө математиканы окутууда кейс технологияларын колдонуу аркылуу окуучуларда мамлекеттик билим берүү стандарттарында көрсөтүлгөн компетенттүүлүктөрдүн жана окутуудан күтүлүүчү натыйжалардын калыптануу деңгээлин аныктоо максатында жүргүзүлдү. Изилдөө ишинде байкоо, анализ, синтез, индукция, салыштыруу жана жалпылоо илимий усулдары колдонулду. Алынган жыйынтыктар орто мектепте математика предметин окутуу процессин жакшыртууга, окутуунун колдонмо жана практикалык багытын күчөтүү, турмуштук маанилүү көндүмдөрдү максаттуу түрдө калыптандыруу сыяктуу математикалык билим берүүнүн принциптерин ийгиликтүү ишке ашырууга өбөлгө түзөт. Кейс тапшырмалардын классикалык тапшырмалардан айырмачылыгы, максаттары, кейс тапшырмаларды аткаруу аркылуу окуучулар ээ болуучу көндүмдөр көрсөтүлдү. Орто мектепте математиканы окутууда кейстерге карата мисал келтирилип, кейс менен иштөөнүн ар бир этабында калыптануучу негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр жана математика боюнча окутуудан күтүлүүчү натыйжалар аныкталды. Бул изилдөө боюнча материалдар орто мектептин математика мугалимдери үчүн сабак өтүүдө колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *математиканы окутуу; кейс-метод; кейс технологиясы; кейс тапшырма; кыр-*

*даал; окутуудан күтүлүүчү натыйжалар; компетенттүүлүк; анализ; көндүм.*

## КЕЙС-МЕТОД - ЭФФЕКТИВНАЯ ОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ТЕХНОЛОГИЯ ОБЕСПЕЧИВАЮЩАЯ РЕЗУЛЬТАТЫ ОБУЧЕНИЯ

*В этой работе в качестве предмета исследования рассматривается текущее состояние использования кейс технологий в общем образовании. Исследование проведено с целью определения уровня сформированности у учащихся компетенций и ожидаемых результатов обучения, указанных в государственных образовательных стандартах, посредством применения кейс-технологий в обучении математике. В исследовательской работе использовались научные методы наблюдения, анализа, синтеза, индукции, сравнения и обобщения. Полученные результаты будут способствовать улучшению процесса преподавания предмета математики в средней школе, успешной реализации принципов математического образования, таких как усиление прикладной и практической направленности обучения, целенаправленное формирование жизненно важных навыков. Были продемонстрированы отличие кейс-задач от классических заданий, цели кейс-задач, умения и навыки, которые приобретаются учащимися при выполнении кейсов. Приведены примеры кейсов в обучении математике в средней школе, определены основные и предметные компетенции, формируемые на каждом этапе работы с кейсом, и ожидаемые результаты обучения по математике. Материалы данного исследования рекомендуется использовать на уроках для учителей математики средней школы.*

***Ключевые слова:*** *обучение математике; кейс-метод; кейс-технология; кейс-задача; ситуация; ожидаемые результаты обучения; компетентность; анализ; умения.*

## THE CASE METHOD IS AN EFFECTIVE EDUCATIONAL TECHNOLOGY THAT PROVIDES LEARNING OUTCOMES

*In this article, the current state of the use of case technologies in general education is considered as the subject of research. The study was conducted in order to determine the level of formation of students' competencies and expected learning outcomes specified in state educational standards through the use of case technologies in teaching mathematics. Scientific methods of observation, analysis, synthesis, induction, comparison and generalization were used in the research work. The results obtained will contribute to improving the process of teaching the subject of mathematics in secondary school, the successful implementation of the principles of mathematical education, such as strengthening the applied and practical orientation of teaching, purposeful formation of vital skills. The difference between case tasks and classical tasks, the goals of case tasks, the skills and abilities that students acquire when performing cases were demonstrated. Examples of cases in teaching mathematics in secondary school are given, the main and subject competencies formed at each stage of working with the case, and the expected results of teaching in "mathematics" are determined. The materials of this study are recommended for use in lessons for secondary school math teachers.*

***Key words:*** *teaching mathematics; case method; case technology; case problem; situation; learning outcomes; competence; analysis; skills.*

Билим берүү стандарттарында, окуу программаларында математиканы окутуунун негизги максаты катары окуучуларды турмушка даярдоого, математикалык каражаттар менен алардын инсандыгын өстүрүүгө акцент жасалып келет. Буга чейин окутуунун мазмунун аныктаганда билимге басым жасалып келген болсо, билим берүүнүн учурдагы талабы боюнча билимдин натыйжасына, компетенттүүлүккө басым жасалат.

Мезгилдин талабына жараша окуучуну ишмердүүлүккө даяр болууга, турмуштук кырдаалдарды талдоодо, пайда болгон проблемаларды чечүүдө алган билимдерин туура пайдалана билүүгө үйрөтүү маанилүү болуп эсептелет. Мындай көндүмдөрдү пайда кылуу үчүн билим берүүдө активдүү окуу формаларын жана ыкмаларды колдонуу максатка ылайык. Макалада аталган ыкмалардын ичинен кейс технологияларды пайдалануунун өзгөчөлүктөрү каралды. Окуучуларга математикалык билимдерди заманбап кейс технологиясы аркылуу берүү менен окуучулардын ошол предметке кызыгуусуна өбөлгө түзүлөт, б.а. алар математика предметинин турмуштагы ордун, анда алган билимдерин кайсы жагдайларда колдоноорун аңдап түшүнүшөт. Тагыраак айтканда, окуучуларда предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү тийиштүү деңгээлде калыптандыруу, белгиленген окутуу натыйжаларына жетүү үчүн кейс технологиясын колдонуу учурда кооm талап кылып жаткан адистерди даярдоого шарт түзөт.

Кейс технология деген эмне?

Кейс методу, кейс-стади – “конкреттүү кырдаалды анализдөө методу”, “кырдаалдык тапшырмаларды чыгаруу методу” жана ушул сыяктуу бир катар аталыштар менен «кейс технологиясы» термини аркылуу берилет [1,2]. Кейс технологиясы баалоо инструменттеринин да тобуна кирет. Окутуунун бул технологиясы окуучулардын иш-аракеттеринин практикалык натыйжаларына багытталган жана мугалимдин билим берүү процессинде окуучулардын демилгесин эске алып, аларды стимулдаштырганга мүмкүнчүлүк берген заманбап, интерактивдүү окутуу методу.

Технологиянын аталышы латынча «casus» сөзүнөн алынып, кыргыз тилине которгондо “чаташкан”, “адаттан тыш учурдан келип чыккан” деген маанини туюндурат. Кейс (англисче case – жагдай, кырдаал) – конкреттүү жагдайды же кырдаалды талдоо, ишкер оюн дегенди түшүндүрөт. Тагыраак айтканда, конкреттүү кырдаалды, кандайдыр бир жекече жагдайды талдоо технологиясы деп түшүнсө болот [3].

Кейс - бул чыныгы жашоонун «бөлүгү» (англисче терминологияда TRUE LIFE). Кейс - бул иш-аракеттердин белгилүү бир чөйрөсүндө болгон жана авторлор тарабынан класста талкуу жаратуу үчүн сүрөттөлгөн, окуучуларды, студенттерди кырдаалды талкуулоого, анализдөөгө жана чечим чыгарууга «үндөгөн» окуялар. Кейс окуялардын жөн гана чыныгы сүрөттөлүшү эмес, кырдаалды түшүнүүгө, талкуу жүргүзүүгө, чыныгы фактылар менен байланыштырууга жана кийинчерээк иш жүзүндө кездеше турган көйгөйдү моделдөөгө мүмкүндүк берген бирдиктүү маалыматтык комплекс [4].

Кейс методунун тарыхы 17-кылымдан башталат, анын башталышы теологдордун жашоодон реалдуу окуяларды алып, анализдегени менен байланышкан. Кейс методунун мекени болуп АКШ эсептелет [5]. Азыркы учурда бул метод педагогикада, башкарууда, математикада, экономикада, медицинада кеңири колдонулат. Россия мамлекетинде бул технология акыркы бир нече жылдардын аралыгында гана киргизилген. Ал эми Кыргызстанда бул методду колдоно баштаганга аз гана убакыт болду, учурда жогорку окуу жайларда экономика жана медицина тармактарында кеңири колдонулуп келет. Ал эми жалпы билим берүүдө аталган методду колдонуунун артыкчылыктары боюнча изилдөөлөр дээрлик жокко эсе.

Мектептин билим берүү практикасында эң ийгиликтүү кейс технологиясын көптөгөн документтерди жана баштапкы булактарды талдоону талап кылган темалар боюнча экономика, укук таануу, коом таануу, тарых сабактарында колдонсо болот. Кейс технологиясы - кырдаалды моделдөөгө же берилген кырдаалды талдоо үчүн реалдуу кырдаалды колдонууга негизделген педагогикалык технология, көйгөйлөрдү аныктоо, альтернативдүү чечимдерди жана көйгөйлөрдү чечүүнүн оптималдуу жолдорун табуу. Кейс технологиясында колдонулган негизги түшүнүктөр «кырдаал» жана «анализ» түшүнүктөрү, ошондой эле алардан алынган «кырдаалды талдоо» түшүнүктөрү [6]. «Кырдаал» терминин карама-каршылыкты баалоо зарылдыгын же жаңы деңгээлге чыгуунун жолдорун камтыган абал, окуя, иш-аракет, чечим кабыл алуудагы бурулуш чекити, өз ара байланышкан айрым фактылардын жыйындысы деп түшүнсө болот, мында кырдаал өзгөрүүлөрдүн динамикасында чагылдырылышы керек. Анализдин негизинде адекваттуу кырдаалдык чечимдерди табуу, кырдаалдын маңызын түшүнүп, мүмкүн болгон чечимдердин эң жакшысын тандап алуу керек.

Кейс ыкмасы кырдаалды талдоо, альтернативаларды баалоо, эң жакшы вариантты тандоо жана аны ишке ашыруу планын түзүү жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Ал эми бул ыкма көп жолу колдонулса, анда окуучуларда практикалык маселелерди чечүү боюнча туруктуу жөндөм пайда болот.

Кейстер практикага жакындоого, реалдуу чечим кабыл алган адамдын позициясын ээлөөгө, башкалардын каталарынан сабак алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул иште эмне камтылышы мүмкүн? Текст материалдары - интервьюлар, макалалар жана көркөм тексттер (же алардын үзүндүлөрү). Иллюстрациялык материалдар - сүрөттөр, диаграммалар, таблицалар, тасмалар, аудио жазуулар ж.б.

Төмөндө кейс технологиясынын максаттарын жана артыкчылыктарын белгилеп өтөлү:

- Окутуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатат, анын сапаттуу жана натыйжалуу

болушуна шарт түзөт;

- Окуучуларды мотивациялоо менен сабакка кызыгуусун жогорулатат;
- Окуучуларга теориялык билим, түшүнүк, маалымат, фактыларга таянып иштөөнү, кырдаалга жараша керектүү маалыматты тез жана сапаттуу издеп табууга шарт түзөт [7];
- Окуу материалын кызыгуу менен кабыл алуусуна түрткү берет;
- Кырдаалга анализ жасап, анын негизинде туура чечимдерди чыгарууга көнүктүрөт;
- Кырдаалга сынчыл ой жүгүртүү менен кароого багыттайт;
- Окуучунун өзүн-өзү башкаруусуна, көзөмөлдөөсүнө түрткү берет;
- Окуучулардын көйгөйлөрдү чечүүдө турмуштук тажрыйбага ээ болушуна шарт түзөт, теориядагы түшүнүктөрдү турмуш менен байланыштыруусуна көмөктөшөт.
- Башкаларды угуу жана түшүнүү, командада иштөө жөндөмүн калыптандырат;
- Маалымат менен иштөө, альтернативдик чечимдерди баалоо үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берет, азыркы учурда маалымат агымынын көлөмү күн санап өсүп жаткан учурда, бир эле окуяга карата ар кандай көз караштар камтылган;
- Окуучуга кейстеги адамдын позициясында болуусуна шарт түзөт.

1-таблицада кейс технологиясын колдонууда калыптануучу көндүмдөр көрсөтүлгөн [8]:

1-таблица. Кейс технологиясын колдонууда калыптануучу көндүмдөр

| Көндүмдөрдүн түрү | Көндүмдөрдүн чечмелениши |
|---|---|
| **Коммуникативдик көндүмдөр** | -лидерлик (командада иштөөгө даяр болуу, баарлашуу көндүмдөрү);<br>-суроолорду берүү (маалымат издөө жана чогултуу боюнча активдүү кызматташуу);<br>-мугалим жана теңтуштары менен билим берүү кызматташтыгын пландаштыруу (катышуучулардын максаттарын, функцияларын, өз ара аракеттенүү жолдорун аныктоо);<br>-чыр-чатактарды чечүү жана аныктоо, көйгөйдү аныктоо, аны чечүүнүн альтернативдүү жолдорун издөө жана баалоо;<br>-кеп сүйлөмдөрүн куруу (байланыш маселелерине жана шарттарына ылайык өз оюн толук жана так айтуу мүмкүнчүлүгү) ж.б. |
| **Аналитикалык көндүмдөр** | - негизги көйгөйлөрдү аныктоо;<br>- маалыматтарды бири-биринен айырмалоо,<br>- маанилүү жана маанилүү эмес маалыматтарды иреттөө, классификациялоо, бөлүп көрсөтүү, анализдөө, синтездөө, маалыматтын боштуктарын табуу жана аларды калыбына келтирүү. |
| **Чыгармачыл көндүмдөр** | - альтернативдик чечимдерди иштеп чыгуу жана аларды баалоо;<br>- стандарттуу эмес чечимдерди сунуштоо;<br>- башкалардын сунуштарынын негизинде чечимдердин жаңы варианттарын иштеп чыгуу. |
| **Социалдык көндүмдөр** | - бири-бирин баалоо, угуу, талкуулоодо колдоо көрсөтүү же карама-каршы пикирди негиздөө, өзүн-өзү жөнгө салуу, көзөмөлдөө ж.б. |

Мугалим кейстерди ар кандай максаттарда жана билим берүү ишмердүүлүгүнүн ар кандай этаптарында, тагыраак айтканда, сабакта мотивация үчүн да, өз алдынча иш катары да колдоно алат. Сабак өтүүдө атайын даяр кейстердин жоктугуна байланыштуу мугалимдердин алдында жаңы кейстерди иштеп чыгуу зарылчылыгы туулат.

Кейстерди иштеп чыгуу төмөнкү этаптар менен ишке ашат:

1. Кейстин темасы жана андагы коюлган маселелер окуучуларды кызыктырышы керек;
2. Изилдөө объектисин - «конкреттүү жагдайды» тандоо;
3. Контексти аныктоо;
4. Кейс изилдөөнү пландаштыруу, материалдарды чогултуу жана анализдөө;
5. Чечимдерди издөө, кырдаалды андан ары өнүктүрүүнүн мүмкүн болгон сценарийле-

рин талкуулоо;

6. Кейсти баяндап жазуу жана редактирлөө;

7. Кырдаалды андан ары талкуулоо үчүн суроо түзүү.

Математиканы окутууда жогоруда белгиленген этаптар боюнча түзүлгөн кейске конкреттүү мисал келтирели.

**Тема: Процenттер, 5-класс**

**Кейс: Процenттер күнүмдүк турмушта**

**Тапшырма:** Ош шаарындагы соода түйүндөрүнүн кайсынысынан жалпы суммасы 450 сомдон ашпай тургандай жуугуч каражаттарынын төмөнкү топтомун сатып алуу пайдалуу: кир жуугуч күкүм, шампунь, чач бальзамы жана идиш жуугуч каражат? Төмөнкү маалыматтарды пайдаланып (2-3-таблицалар), маселенин оптималдуу чечимин тапкыла. Кошумча сунуштарыңарды бергиле.

2-таблица. Жуугуч каражаттарынын баасы

| **Каражаттын аталышы** | **«Фрунзе» соода борбору (сом менен)** | **«Ак ниет» супермаркети (сом менен)** | **«Глобус» соода борбору (сом менен)** |
|---|---|---|---|
| Кир жуугуч күкүм (автомат) 2 кг | 142 | 129 | 99 |
| «Чистая линия» шампуну 400мл | 159 | 99 | 77 |
| Чач бальзамы, 500мл | 82 | 164 | 51 |
| Идиш жуугуч каражат AOS, 500мл | 83 | 106 | 87 |

3-таблица. Дүкөндөрдөгү каражат сатып алуу мезгилине карата арзандатуу көрсөткүчтөрү

| **Арзандатуулар** | **Фрунзе соода борбору** | **Ак ниет соода борбору** | **Глобус соода борбору** |
|---|---|---|---|
| Арзандатуу же дисконттук картага эсептелүүчү сумма | арзандатуу, 12% | дисконттук картага бонус, 15% | арзандатуу, 5% |

Бул мисалда көрүнүп тургандай кейс тапшырмалар материалдын көптүгү менен айырмаланат, анткени кырдаалды сүрөттөөдөн тышкары, окуучулар колдоно турган маалыматтын бардык көлөмү келтирилет. Кейс менен иштөөдө негизги басым көйгөйдү талдоо, синтездөө жана чечим кабыл алууга түшөт.

Кейс тапшырмаларды окуучулар кантип аткарышат?

Жогоруда сунушталган кейс менен иштөөдө окуучуларда төмөнкүдөй компетенттүүлүктөр калыптанат (4-таблица):

Кейсти пайдаланууда окуучулар мугалимден документтердин пакетин (ишти) алышат, анын жардамы менен көйгөйдү үйрөнүшөт жана аны чечүү жолдорун аныкташат, же көйгөй аныкталганда кыйын кырдаалдан чыгуунун ар түрдүү варианттарын иштеп чыгышат. Кейс - бул белгилүү бир практикада болгон конкреттүү кырдаалды сүрөттөө, мында чечүүнү талап кылган белгилүү бир көйгөй камтылат. Бул чыныгы жашоонун бир бөлүгүн класска алып келүүчү курал болуп эсептелет, реалдуу кырдаал, ал боюнча иштөө жана туура чечим кабыл алуу керек, б.а. практикалык маселелерди чечүү үчүн теориялык билимдерди колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Кейс-стади методунун максаты - окуучулардын тобунун биргелешкен аракеттери менен берилген кырдаалды талдоо, маселелердин варианттарын иштеп чыгуу, алардын практикалык чечимин табуу, сунушталган алгоритмдерди баалоо жана мыктыларын тандоо.

Жагдайды кайдан алууга болот? Конкреттүү кырдаалдарды алуунун эң жакшы жолу - аларды жашоодон алуу, окуучуларды эмне кызыктырат, алар күн сайын же жакынкы келечекте туш болушу мүмкүн болгон кырдаалдарды эске алуу керек.

4-таблица. Кейс менен иштөө этаптарында калыптануучу компетенттүүлүктөр жана окутуудан күтүлүүчү натыйжалар.

| Этап | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | Окуучуларда калыптануучу компетенттүүлүктөр (НК-негизги компетенттүүлүк, ПК-предметтик компетенттүүлүк) | Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуучуларды топторго бөлүү, кейс менен тааныштыруу | Кейс менен таанышуу, топтун ичинде | НК1-маалыматтык, НК2-социалдык-коммуникативдик | |
| 2 | Топтордогу иштерди уюштуруу | Кейстеги проблеманы аныктоо, ага талдоо жүргүзүү | НК2-социалдык-коммуникативдик, ПК1-эсептөөчүлүк, ПК-2-аналитикалык-функционалдык | Сандык мүнөздөмөлөр боюнча эсептөөчү мүнөздөгү операцияларды жүргүзөт |
| 3 | Аныкталган көйгөй жана аны чечүү боюнча талкуу уюштуруу | Талкуулоо, чечимдерди тандоо | НК-3 – Өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүүчүлүк ПК-2-аналитикалык-функционалдык ПК-4 – статистика-ыктымалдык | Пропорциянын касиеттерин, проценттин жана жөнөкөй сызыктуу теңдемелердин аныктамасын түшүнөт жана өзүнүн окуу ишмердүүлүгүндө колдоналат. |
| 4 | Кырдаалды талдоодо топторго көмөктөшүү | Чечимдерге талдоо жүргүзүү | НК-3 – Өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүүчүлүк ПК-4 – статистика-ыктымалдык | Сандык системалардын элементтеринин ортосундагы көз карандылыкты билет жана түшүнөт; Сандык көз карандылыктардан функциялык көз карандылыктарга өтүүнү билет. |
| 5 | Консультация берүү | Бир нече варианттардын ичинен эң оптималдуусун тандап алуу, чечимди ишке ашыруу | НК-3 – Өз ишин уюштуруу жана маселелерди чече билүүчүлүк | |
| 6 | Натыйжаларды баалоо | Презентациялоо, рефлексия | ПК-2-аналитикалык-функционалдык НК2-социалдык-коммуникативдик | Алынган маалыматтарды статистика – ыктымалдык анализден өткөрөт жана каталыктын даражасын аныктайт. |

Кейс технологияларынын артыкчылыгы - алардын ийкемдүүлүгү, өзгөрмөлүүлүгү, бул мугалимдин жана окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Албетте, окутууда кейс технологияларын колдонуу бардык көйгөйлөрдү чечпейт, ар бир сабактын максатын жана милдеттерин, материалдын мүнөзүн, окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу зарыл. Эң чоң эффектке бири-бири менен байланышкан жана бири-бирин толуктап турган салттуу жана интерактивдүү окутуу технологияларынын айкалышы менен жетишүүгө болот.

**Жыйынтыктар:**

1. Билим берүүдө кейс технологияларын колдонуу окуучуларда альтернативаларды баалоо, бир нече варианттардын ичинен эң жакшысын тандоо жана аны ишке ашыруу планын түзүү жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөрү аныкталды;

2. Жалпы билим берүүдө математика боюнча даяр кейстердин жоктугуна байланыштуу мугалимдерге кейстерди өз алдынча иштеп чыгуу сунушталды;

3. Окуучуларда кейс тапшырмаларды аткаруу аркылуу мамлекеттик билим берүү жана предметтик стандарттарда белгиленген компетенттүүлүктөрдүн, окуу натыйжаларынын калыптануусу эффективдүү ишке ашары белгиленди.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Аргунова, Т.Г.** Применение кейс-метода в образовательном процессе и методической работе ссуза [Текст]: научно-метод. пособ. / [Т.Г.Аргунова, В.Н.Андреева, И.П. Пастухова, В.А.Подвойский].– Москва, 2007.
2. **Буравой, М.** Углубленное case study: между позитивизмом и постмодернизмом [Текст] / М.Буравой // Рубеж.- 1997 - №10 – 11с.
3. **Прозументова, Г.Н.** Изменения в образовательных учреждениях: опыт исследования методом кейс – стадии [Текст] / Г.Н. Прозументовой.- Томск, 2003.
4. **Козина, И.** Case study: некоторые методические проблемы [Текст] / И.Козина // Рубеж.- 1997.
5. **Устинова, Т.Б.** Кейс-технологии как условие активизации самостоятельной работы студентов колледжа [Электронный ресурс]:-festival.1september.ru/articles/512028/.
6. **Прутченков, А.С.** Технология «кейс-стади» в воспитании школьников Школьные обучении: учеб.-метод. пособие для учителей [Текст] / [А.С.Прутченков, О.Б. Даутова, О.Н. Крылова, Г.К. Селевко]. – М.: НИИ шк. технологий, 2006. – 816с.
7. **Дударева, Н.В.** Методические аспекты использования метода «case study» при обучении математике в средней школе [Текст] / Н.В. Дударова, Т.А. Унегова // Педагогическое образование в России. - 2014.- №8. - С. 242-246.
8. **Бахтина, А.С.** Проблема использования кейс-стади в образовательном процессе [Текст] / А. С. Бахтина // Вестник науки Сибири – 2016.
9. КРнын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-9-класстар үчүн «Математика» боюнча предметтик стандарты.- Бишкек, 2015.


DOI:10.54834/16945220_2022_2_141

Поступила в редакцию 10. 06. 2022 г.

**УДК 372.881. 111.1**

***Жусупова Д.Ы.***
*аспирант Кыргызско-Узбекского Междун. универ. им. Б.Сыдыкова,*
*Кыргызская Республика*

# АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА МУГАЛИМДИН КЕП МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУСУНУН НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Бул макала мугалимдин кептик маданиятын калыптандыруу үчүн эффективдүү уюштуруучулук жана педагогикалык шарттарды иштеп чыгууга арналган. Изилдөө предмети катары жогорку окуу жайларында англис тилин үйрөнүү жараянында мугалимдин кептик маданиятын калыптандыруу. Изилдөөнүн негизги максаты - жогорку окуу жайынын билим берүү мейкиндигиндеги инсандын кептик маданиятынын концепциясын ачып берүү. Мындан тышкары, сүйлөө маданиятын калыптандыруу жараянында англис тилинин мүмкүнчүлүктөрү ачылды. Изилдөө болочоктогу педагогикалык багыттагы мугалимдин сүйлөө маданиятынын түзүмү аныкталган ыкмалар эң баалуу болуп саналат. Лингвистикалык ченемдик билимге көңүл буруу керек, анткени алар ийгиликтүү баарлашууга негиз түзөт. Анткени кеп тилдин фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик, лексикалык материалынын негизинде курулат. Макаланын актуалдуулугун изилдөө көркөм адабий тилде сүйлөгөндөрдүн сүйлөө маданиятынын төрт түрү бар экендигин көрсөтөт: элиталык, орто адабий, адабий оозеки жана тааныш оозеки.*

***Негизги сөздөр:*** *кептик маданият; мугалим; баарлашуу; англис тили; усулдар; баалоо;*

*сурамжылоо.*

## ОСНОВНЫЕ ЗАДАЧИ ФОРМИРОВАНИЯ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЫ УЧИТЕЛЯ В ОБУЧЕНИИ АНГЛИЙСКОМУ ЯЗЫКУ

*Данная работа посвящена разработке эффективных организационно-педагогических условий формирования речевой культуры учителя. Предметом исследования выступает формирование речевой культуры учителя в процессе изучения английского языка в вузе. Основная цель исследования раскрытие понятия речевой культуры личности в образовательном пространстве высшего учебного заведения. Кроме этого выявлены возможности английского языка в процессе формирования речевой культуры. Для исследования наиболее ценными являются те подходы, в которых определяется структура речевой культуры будущего учителя педагогического профиля. Следует акцентировать внимание на языковых нормативных знаниях, так как именно они создают базу для успешного общения. Речь строится на основе фонетического, морфологического, синтаксического, лексического материала языка. В исследовании статьи показано, что существует четыре типа речевой культуры носителей литературного языка: элитарная, средне-литературная, литературно-разговорная и фамильярно-разговорная.*

***Ключевые слова:*** *речевая культура; учитель; общение; английский язык; методы; оценивание; анкетирование.*

## THE MAIN OBJECTIVES OF THE TEACHER SPEECH CULTURE FORMATION IN TEACHING THE ENGLISH LANGUAGE

*This article is devoted to the development of effective organizational and pedagogical conditions for the formation of the teacher's speech culture. The subject of the research article is the formation of a teacher's speech culture in the process of learning English at a university. The main goal of the research is to reveal the concept of a person's speech culture in the educational space of a higher educational institution. In addition, the possibilities of the English language in the process of the formation of speech culture have been revealed. For our research, the most valuable are those approaches in which the structure of the speech culture of a future teacher of a pedagogical profile is determined. One should focus on linguistic normative knowledge, since it is they that create the basis for successful communication. Speech is built on the basis of phonetic, morphological, syntactic, lexical material of the language. The study of the article shows that there are four types of speech culture of native speakers of the literary language: elite, average literary, literary colloquial and familiar colloquial.*

***Key words:*** *speech culture, teacher, communication, English, methods, assessment, questioning.*

Азыркы учурдун талабына ылайык билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттер аралык интеграцияга анализ жүргүзсөк коом эффективдүү карым-катыш жүргүзүүгө жөндөмдүү адамдарга муктаж экендигин белгилебей кетүүгө болбойт. Бул жерде азыркы коомдогу адамзаттын өнүгүүнүн негизги доминанттардын бири кеп маданиятынын маанисинин өсүшү болуп саналгандыгы жөнүндө кеп кылууга мүмкүнчүлүк берет.

Англис тили боюнча тилдик билим педагогдун кеп маданиятын өнүктүрүү үчүн зарыл. Ошондуктан, "англис тили" сабагы боюнча азыркы стандарттарда чет тилиндеги маданият чет тилдик билим берүүнүн мазмуну катары баса белгиленет. Демек, "чет тилиндеги маданиятты баяндап берүүчү...болочок мугалим бөлөк маданияттан өзү үчүн "жаңы маани-маңызды" ачып, аны өзүнө сиңирип, "жаратуучуга" айланышы керек" [1]. ЖОЖдордо англис тилинин окуп үйрөнүүсү студенттердин ой жүгүртүүсүн өзгөртүп, дүйнөгө болгон мамилесин калыптандырып, бүтүндөй социум тарабынан да, анын ичинде келечектеги кесиптик ишмердиги тарабынан да талап кылынган инсандык жаңы сапаттарын өнүктүрөт. Ушул багыттан алып караганда, чет тилдерин окуп үйрөнүү – математика, информатика сыяктуу илимдин негизин көрсөтпөй, студент ЖОЖдо сабактан тышкары туш келген турмуштун реалдуулугун белгилей турган чет тилдерин окуп үйрөнүүнүн уникалдуулугун белгилөөгө болот.

Негизги когнитивдик жөндөм катары төмөнкү жөндөм-шыктарды: объектиден окуп үйрөнүү предметин бөлүп алуу; ишмердик максатын билүү; коюлган максатка жетүү үчүн керектүү каражаттарды, ыкмаларды, усулдарды тандай билүүлөр кирет. Окуп үйрөнүлгөн материалдарды кайра иштеп чыгуу, кайра топтоштуруу, өзүнүн бүтүндөй ишмердигин, айрым

аракеттерин пландаштырып, уюштуруу өзүн-өзүн көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруусу да каралат. Билим алып, аны системалаштыруу, өзүнүн акыл ишмердигин уюштуруу, баалоо багытындагы пикирин билдирүү, өзүнүн катачылыктарын таап, оңдоо, жыйынтык чыгарып, фактыларды, кубулуштарды карама-каршы коюп салыштырып көрө билүү. Ал эми мурда белгилүү болгондор менен жаңыларды салыштыруу, логикалык ой жүгүртүү, системалаштыруу жана классификациялоону карайбыз. Жетишкен натыйжаларга сынчыл ойлом, ой жүгүртүү ыкмалары (индукция, дедукция), өздөштүргөн тилдерди пайдалануу жолдору, өз алдынча алар менен иш алып баруу, өз оюн сөз менен жеткирүү жөндөмдөрүн кошууга болот.

Мугалимдин кеп маданияты – бул көп аспектилик татаал көрүнүш болгондуктан, ага көп түрдүү аныктамалар берилет. Ошондуктан, кеп жана анын ишмердигинин өз ара чиеленишкен байланышын диалектикалык бирдик катары анализдеп чыгарылат.

“Кеп” термини эки мааниде пайдаланылат. Биринчиден, кепти адам ишмердигинин коммуникативдик түрүнүн бири катары, башкача айтканда, тилдин башка адамдар менен пикир алышуу үчүн пайдаланылышы катары аташат. Бул багыттан алып караганда кеп – бул үн формасында, же жазма аркылуу чагылдырылган конкреттүү ишмердик. Экинчиден, ишмердиктин натыйжасы – текст (макала, доклад, диалог ж.б.у.с.) деп аталат.

Кепке жана ишмердикке байланышкан көптөгөн пикирлер бар. Мисалы, Л. И. Смирнова айтылган сөздүн жарылышы максат болуп эсептелгенде гана кепти жеке ишмердик катары кароого боло тургандыгын белгилейт [2].

“Кеп ишмердиги” категориясы, белгиленген окумуштуунун көз карашы боюнча, ар кандай ишмердик мотивация, максат, аткаруу компоненттеринин түзүлүшү менен шартталат. Ошондуктан, алардын ар бири мотив жана пландоо менен башталып, натыйжа аркылуу бүткөн бирдигин көрсөтөт. Анын ортосунда бул ийгиликке жетүүгө багытталган аракеттин, операциялардын динамикалуу системасы жатат. Көп учурда кеп ишмердиги акт менен кесилишкен ишмердикти көрсөтпөй, кандайдыр бир башка ишмердиктин (көп учурда коммуникативдик) уюштурулган системанын аныкталган түрүнө кошулат.

О. Я. Гойхман “кепти” “ишмердик” катары карап, кеп ишмердигин этаптарга классификациялоону сунуш кылат [3]. Ал өзүнүн түшүнүгүнө ылайык, кеп ишмердигин пландоо, жүзөгө ашыруу, көзөмөлдөө ар бир кеп аракетинде өз-өзүнчө аткарылат деп эсептейт.

А. А. Леонтьев, П. Е. Жедек, А. Ю. Купалов, М. С. Соловейчик, О. Я. Гойхмандын көз карашын колдошуп, кеп ишмердигинин структуралары адам тарабынан топтолгон кеп тажрыйбасына көз каранды болбойт деген жыйынтыкка келишет. Демек, кенже класстын окуучусубу же чоң адамдын кеби жөнүндө айтабызбы, ага ылайык келген жөндөм, чеберчиликтер куракттык өзгөчөлүккө көз каранды болбойт деп айтууга болот [5].

О. Я. Гойхмандын ар кандай кептик аракеттердин келип чыккан учуру кеп кырдаалы болуп саналат. ”Башкача айтканда, келип чыккан мындай шарт адамды кеп аракетине шыктандырат (мисалы, баяндоо)” – деген көз карашын колдойбуз [3]. Кеп кырдаалынын мисалы катары суроого бериле турган жооптун зарылдыгын, аткарылган иштер жөнүндө доклад жасоону, коллегалар менен аңгемелешүүнү ж.б.у.с. караганга болот. Кеп кырдаалы айрым учурда кептик аракеттин жүзөгө ашырылышына жеткирген баяндоо мотивдерин жаратат.

Баяндоого даярдануу учурунда мотивдерди, суроо-талаптарды, максаттарды акыл-эске сиңирип, мурдагы тажрыйбалардын негизинде, учурдагы шартты эске алып, баяндоонун жүзөгө ашырыла турган натыйжаларын болжолдоо жүрөт. Адамдын өнүккөн кептик мамилеси, кепке болгон ыкчам реакциясы, мындай даярдыктагы чечимдин кабыл алынышы акыл-эс деңгээлинде ыкчам ылдамдыкта жүрөт. Баардык чечимдер баяндоонун ички планынын түзүлүшү менен жыйынтыкталат. Ал жалпыланган же конкреттүү баскычтарда болушу мүмкүн. Кеп аракетинин ийгилиги тилдик билимдин активдүүлүгүнө, адамдагы кептик жөндөмдүн, чеберчиликтин калыптанган деңгээлине көз каранды болот. Андан кийинки баяндоону структуралаштыруудагы сөздөрдүн тандалышы, алардын жайгашуусундагы керектүү ырааттуулук, грамматикалык жасалга – мунун баары ички планда жүрөт. Анын сырткы кепке өтүшү үн талаасы же баяндоонун графикалык жасалгасы аркылуу аткарылат. Ушул этап баяндоонун оң же терс натыйжасын аныктайт. Эгерде, ички кептин сырткы кепке өтүшү кандайдыр бир себеп-

тер менен бузулса, демек, ал сырткы кепте начар жасалганган. Андай кеп айлана-чөйрөгө жеткиликсиз, байланышсыз, түшүнүү үчүн татаал болуп калат. Кептик аракеттин натыйжасы тууралуу анын кабыл алынышы, ага карата болгон реакция, башкача айтканда, кайтарым байланышы боюнча талдашат.

Маалыматтарды колдонуу механизми айтуу жана жазуу учуруна, ал эми декодирлөө угуу, окуу учуруна таасир берет. Сүйлөө, угуу учурунда адам акустикалык сигналдар, ал эми жазуу, окуу учурунда графикалык белгилер менен иштейт. Мына ошого ылайык, В. И. Курбатов коммуникативдик техникалар аркылуу жетишкен гуманитардык көз караштын кесиптик портретин түзгөн мүнөздөмөлөрдүн катарын бөлүп караган [6]. Бул мүнөздөмөлөрдү ал коммуникативдик профессиограмма деп атаган. Ага ылайык адис теория жана практика чөйрөсүндө: кептик этикетти пайдалана билиши керек; иштиктүү карым-катыштын максатын, тапшырмаларын түзүүгө жөндөмдүү болушу шарт катары белгилейт. Пикир алышуунун уюштуруп, башкаруу чеберчилигине жетиши зарыл, пикир алышуунун предметин анализдей билиши керек. Суроо берип, ага конкреттүү жооп берилиши ачык айкын көрсөтүлүп, иштиктүү карым-катыштын жол-жобосуна, чеберчилигине ээ болуп, анын тактикасын, стартегиясын так билиши абзел, өнөктөш менен аңгемелешүү, иштиктүү карым-катыш жүргүзүүгө жөндөмдүү болушу шарт.

Н. К. Гарбовский кесиптик ишмердик процессинде аткарылган кесиптик коммуникацияны тилдик коммуникация катары аныктайт. Мындай аныктаманы кесиптик ишмердиктин жүрүшүндөгү ар кандай тилдик карым-катышты кесиптик кеп катары аныкталышы деп түшүнүүгө болот. Н. К. Гарбовский кесиптик кепке карата мындай концептуалдык мамилени иштеп чыгууда аны стилистиканын функционалдык объектиси катары караган. Кесиптик коммуникация менен кесиптик кеп ишмердигин байланыштырып, бул окумуштуу кесиптик кептин жанрларын бөлүштүрүп, кесиптик кепти функционалдык-стилистикалык категория катары чечмелейт [7].

Кесиптик кепке карата мындай мамиле – атайын кесиптик лексикадан айырмаланган кесиптик кеп жөнүндөгү салттык түшүнүктөн келип чыккан. Стилистика, социолингвистика маселелери менен алектенген окумуштуулар (Б. Н. Головин, Р. Ю. Кобрин, С. И. Львова) кесиптик ишмердикте аткарылган тилдик коммуникациялардын өзгөчөлүгү термин-сөздөрдүн пайдаланылышынан турат деп эсептешет [8]. Бул кесиптик кепке карата тар чөйрөдөгү тилдик карым-катыштын катарында, бирок кеңири тараган мамиле болуп саналат.

Кесиптик кеп атайын максат үчүн кесиптин этикалык маселелери жөнүндөгү илим катары кесиптик жаргондордун, диалектилердин өнүгүү аспектисиндеги деонтологиянын чегинен тышкары чет тилдеги кесиптик карым-катышка багытталган окууда да окуп үйрөнүлөт деген Е. В. Харченконун позициясын колдойбуз.

Себеби, ал ишкер өнөктөштөрдүн ортосундагы маданияттар аралык эффективдүү коммуникация үчүн, ошондой эле кесиптик чөйрөдөгү инсандар аралык пикир алышуу да бир эле мекеменин түрдүү чөйрөсүндө, ошондой эле ар башка ишканалардын ортосундагы өз ара кызматташуу адистердин ортосундагы кызматташуу, адистен тышкаркы кызматташуу катары бөлүнөт [9].

Илимий макалада мугалимдин кеп маданиятынын өнүгүшү жөнүндө кеп жүргөндүктөн, “болочок мугалимдин кеп маданиятынын калыптандырылышы” түшүнүгүнүн аныкталышына атайын токтолуп өтүшүбүз шарт.

